

## COVID-19га КАРШЫ ЭМДӨӨ БАШТАЛДЫ

*Кыргызстанда кечээ, 29-мартта коронавируска каршы эмдөөнүн биринчи этабы башталды. Кытайдан келген SinoPharm вакцинасынын биринчи дозасы менен Саламаттык сактоо жана социалдык өнүктүрүү министри Алымкадыр Бейшеналиев жана анын орун басарлары алгачкылардан болуп эмдөөдөн өтүштү.*




## «АЙТЫШ» ЖАНА АЙИТБАЕВдин ЖЕҢИШИ

*Республикалык «Айтыш» коомдук фондунун 20 жылдыгына жана акын Тоголок Молдонун 160 жылдыгына арналган төкмө акындардын айтышы 28-мартта, Т.Сатылганов атындагы Улуттук филармонияда өттү. Байге фонду бир миллион сом болгон айтышка 12 акын катышты. Баш байгени жеңип алган Идрис Айитбаев 200 миң сом сыйлык алды.*

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

# Эркин-Тоо

WWW.ERKINTOO.KG Шейшемби, 2021-жылдын 30-марты №28 (3207)

## Садыр ЖАПАРОВ:

# "КЫРГЫЗСТАНДЫ БИРГЕ ӨНҮКТҮРӨБҮЗ!"



*Президент Садыр Жапаров ишемби күнү аялдардын шайлоого активдүү катышуусун колдоо максатында дипломатиялык корпустун өкүлдөрү менен бирге борбордогу сейил бактардын биринде көчөт отургузууга катышты. «Кыргызстанды бирге өнүктүрөбүз!» деген ураан астында өткөн иш-чарада “Бүгүнкү биз отургузган көчөттөр өлкөнүн аймактарынын дүркүрөп өнүгүшү менен тең жарыша өсөт”, – деген тилегин билдирди.*

*Ушул эле күнү Мамлекет башчысы Садыр Жапаров Президенттик Аппараттын жетекчилиги жана кызматкерлери менен бирге Бишкек шаарындагы Дайыр Асанов атындагы “Жеңиш” паркынын аймагында ишембилик өткөрдү.*




### ӨЗБЕКСТАНДАГЫ “МАНАС” АЙЫЛЫ ЖАНА 55 КЫРГЫЗ МЕКТЕБИ

2-БЕТТЕ

## ӨЗБЕКСТАНДА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАДАНИЯТ КҮНДӨРҮ

*25-26-мартта Ташкентте өткөн өкмөттөр аралык жыйындын жыйынтыгы боюнча быйыл сентябрь айында Өзбекстанда Кыргыз Республикасынын маданият күндөрү өтөт. Ал эми кыргыз жергесинде Өзбекстандын маданият күндөрүн өткөрүү 2022-жылга пландалган.*

## БИШКЕКТЕН 7 ӨЛКӨГӨ АВИАКАТТАМДАР КӨБӨЙТҮЛДҮ

*Кыргыз Республикасынан жети өлкөгө туруктуу авиакаттамдар ачылганын "Манас" эл аралык аэропортунун маалымат кызматы кабарлады. Жазгы-жайкы сезондун ачылышына байланыштуу эл аралык жана ички каттамдар 28-марттан тарта көбөйтүлдү. Бишкектен Россия, Түркия, Бириккен Араб Эмираттары, Кытай, Индия, Казакстан жана Өзбекстанга авиакаттамдар көбөйдү. Мисалы, Стамбул–Бишкек–Стамбул каттамы жумасына 14, Бишкек –Ош–Бишкек каттамы боюнча учактар жумасына 25 жолу уча баштайт.*



# МАСЕЛЕ АЙМАКТАРДЫ АЛМАШУУ МЕНЕН ЧЕЧИЛЕТ

***Президент Садыр Жапаров 26-мартта Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин (УКМК) төрагасы Камчыбек Ташиевди кабыл алды.***



Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин төрагасы Камчыбек Ташиев 24-25-март күндөрү Ташкент шаарында өткөн кыргыз-өзбек мамлекеттик чек араларын делимитациялоо жана демаркациялоо боюнча Кыргыз Республикасы менен Өзбекстан Республикасынын өкмөттүк делегацияларынын ортосундагы сүйлөшүүлөрдүн жыйынтыктары жөнүндө маалымат берди. Эки мамлекеттин башчыларынын макулдашууларын ишке ашыруунун алкагында тараптар жыйынтыктоочу протоколго кол коюшкан. Ага ылайык, кыргыз-өзбек мамлекеттик чек арасынын калган тилкелери боюнча бардык маселелер аймактарды алмашуу принциби менен тактоо жол-жобосунан өттү. Тараптар «Кемпир-Абад суу сактагычы», «Шарихансай каналы», «Гавасай», «Көк-Серек», «Баястан», «Ак-Таш», «Үңкүр-Тоо», «Кара-Белес» тилкелерин тактоодон өткөрүүнү макулдашкан. 1-апрелден тартып «Кайтпас», «Өтүкчү» өткөрүү пункттарын ачуу боюнча сүйлөшүлгөн.

## УЛУУ МУУНДУН КЕҢЕШИ МААНИЛҮҮ

***Президент Садыр Жапаров 26-мартта Кыргыз Республикасынын эл жазуучусу Мар Байжиев менен жолугушту.***



Өлкө башчысы Садыр Жапаров мамлекеттик деңгээлдеги ар кандай чечимдерди кабыл алууда улуу муундун пикир-кеңештерин жана тажрыйбасын эске алуу өзгөчө маанилүү экендигин айтты. Кыргыз эл жазуучусу Мар Байжиев өлкөнүн өнүгүүсүн калктын маданий жана руханий баалуулуктарынан бөлүп кароого болбой тургандыгын билдирди.

# АССАМБЛЕЯГА АЯР МАМИЛЕ



***Президент Садыр Жапаров 26-мартта Кыргызстан элинин ассамблеясынын кеңешинин төрагасы Абдыганы Эркебаев менен жолугушту.***

Академик А.Эркебаев учурда 2021–2026-жылдары Кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнүн концепциясын жүзөгө ашыруу боюнча иш-чаралар планын иштеп чыгуу боюнча жумушчу топ түзүлүп жаткандыгын айтты. Биринчи кезекте улуттар аралык биримдикти жана мамилелерди чыңдоого багытталган ассамблеянын материалдык-техникалык абалын жакшыртууга, анын ичинде ассамблея жайгашкан имарат ондоп-түзөөгө муктаж. Президент колдоо көрсөтүлөөрүн билдирди.

# АЯЛДАР АЛДЫГА

***Мамлекет башчысы Садыр Жапаров 27-мартта өлкөдөгү аялдардын жергиликтүү кеңештерге шайлоого активдүү катышуусун колдоо иш-чарасына катышты.***

«Кыргызстанды бирге өнүктүрөбүз!» деген ураан астында өткөн иш-чарада Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрайымы Нуржан Шайлдабекова жана БУУнун Башкы катчысынын Борбордук Азия боюнча атайын өкүлү Наталья Герман катышты.

Президент айткандай, айылдык кеңештердеги оруңдардын 30%ын аялдар үчүн калтыруу менен жергиликтүү деңгээлде чечим чыгаруу маалында гендердик теңчиликти камсыздоого мүмкүнчүлүк түзүлөт. «Ынтымак» сейил багында аялдарды колдоо максатында көчөттөрдү отургузушту.



# ШАВКАТ МИРЗИЁЕВ МЕНЕН ЖОЛУГУШТУ

***Премьер-министр Улукбек Марипов 26-мартта Өзбекстан Республикасына жумушчу сапарынын алкагында Президент Шавкат Мирзиёев менен жолугушту.***

Өзбекстандын Президенти Шавкат Мирзиёев кыргыз-өзбек достук мамилелеринин жана стратегиялык өнөктөштүгүнүн ыраатттуу чыңдалышына, бардык тармактарда күч алып жаткан өз-ара пайдалуу кызматташтыктарга канааттангандыгын билдирди.



## ӨЗБЕКСТАНДАГЫ “МАНАС” АЙЫЛЫ

***Премьер-министр Улукбек Марипов Жизак районунун “Манас” айылында жашаган кыргыз диаспорасынын өкүлдөрү менен Ташкент шаарында жолугушту.***



“Манас” айылы 1960-жылдары түптөлгөн. Бүгүнкү күндө анда 6,5 миңден ашуун адам жашайт. Алар үчүн бардык шарттар түзүлгөн. Жалпысынан Өзбекстанда 55 жалпы билим берүүчү кыргыз мектеби бар, анын 14ү толук кыргыз тилдүү мектептер болуп саналат.

## ӨЗБЕКСТАН АР ТАРАПТАН КОЛДООГО ДАЯР

***Премьер-министр Улукбек Марипов 26-мартта Өзбекстан Республикасына болгон жумушчу сапарында Өзбекстан Республикасынын Премьер-министри Абдулла Арипов менен тар курамда жолугушту.***

Өткөн жылдагы пандемияга карабастан эки өлкөнүн ортосундагы товар жүгүртүүнүн көлөмү мурдагы жылга салыштырмалуу 10%га жогорулаган. Сүйлөшүүлөрдүн негизинде өзбек тарап Кыргыз Республикасына жеңилдетилген түрдө жогорку түшүмдүү буудай жана пахта үрөнүн бермекчи. Мындан сырткары акысыз 10 миң мөмө-жемиш көчөтүн берүүгө даяр. Минералдык жер семирткичтерди үзгүлтүксүз ташуу тууралуу келишим да күчүндө.

# МЕКТЕПТЕР КОМПЬЮТЕРЛЕР МЕНЕН ЖАБДЫЛАТ

***Биринчи вице-премьер-министр Артем Новиков 26-мартта Кыргыз Республикасындагы Дүйнөлүк банк Кеңсесинин башчысы Навид Накви менен жолугушту.***

Жакын арада биргелешкен долбоорлордун алкагында 1200 мектеп 25 миң заманбап компьютердик комплекти менен жабдылат. Республикалык оорукана компьютердик томографиялык аппараттар орнотулуп, «Мектеп медицинасы» долбоорунун алкагында мектептерде медициналык кабинеттер ачылып, керектүү жабдыктар менен камсыздалат.

## КЫРГЫЗ-ӨЗБЕК МАМИЛЕСИ

***Премьер-министр Улукбек Марипов 26-мартта Ташкент шаарында Кыргыз Республикасынын жана Өзбекстан Республикасынын ортосундагы эки тараптуу кызматташтык боюнча Биргелешкен өкмөттөр аралык комиссиянын IX кеңейтилген кеңешмесине катышты.***

Уставдык капиталы 200 млн доллар өлчөмүндөгү Өзбек-Кыргыз Өнүктүрүү фондунун ишке киргизилиши менен ири инфраструктуралык долбоорлор ишке ашырылат. Эки өлкөнүн ортосундагы жалпы суммасы 550,4 млн долларлык 60ка жакын долбоорду ишке ашыруунун көздөгөн өнөр жай кооперациясы жаатындагы кызматташтыкты кеңейтүү боюнча практикалык чаралардын планы киргизилген. Өзбек тарап «Кытай – Кыргызстан – Өзбекстан» темир жолунун айрым тилкелерин долбоорлоого жана аны курууга катышууга кызыкдар. Ошондой эле Кыргызстандын студенттерине Өзбекстандын ЖОЖдорунда окутуу үчүн квоталык оруңдар сунушталат.

**Даярдаган**
**Жылдыз ДЫЙКАНОВА**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо
2021-жылдын 30-марты


■ Кабарың барбы?

# УЛУТТУК БААЛУУЛУКТАРДЫ КАМТЫГАН КОНСТИТУЦИЯ




***Өткөн жума күнү борборубузда жайгашкан "Европа" мейманканасында Чүй облусунун жана Бишкек шаарынын тургундары чогулушуп, Баш мыйзамдын жаңы долбоору тууралуу өз ой-пикирлерин ортого салышты.***

Адегенде Конституциялык кеңештин мүчөлөрү андагы орчундуу жагдайлар тууралуу кеңири түшүндүрмө беришти. Конституциялык кеңештин мүчөсү Болот Токтобаев жаңы долбоор башынан аягына чейин социалдык теңчиликти камсыз кылууга багытталгандыгын билдирди. Конституциялык кеңештин иши ачык-айкын өтүп, миңден ашуун адам өз сунуштарын беришкен. "Бизге күчтүү президентик башкаруу зарыл болуп турат. Тармактардын көпчүлүгү кескин түрдө реформага муктаж. Акыркы убактарда бийлик элден алыстап кеткен. Эми бийлик элдин үнү менен эсептешээр күн келди", - деди Б.Токтобаев.

Ал эми тарых илимдеринин доктору Чолпон Койчуманова белгилегендей, демократия - бул элдин бийлиги. Эл өзүнүн колунда турган бийлигин шайлоолордо жана референдумдарда көрсөтүшү керек. Үстүбүздөгү жылдын 10-январында элдин 84,11 пайызы Президенттик башкаруу формасын колдоп добуш беришти. Бирок, ага карабай каршы чыккан топтор пайда болду. Жалпы элдин тандоосунан соң, демократиялык принциптерге ылайык азчылык көпчүлүккө баш ийүү шарт. "Каршы болгондор менен талкууларга катышып, жүйөлүү себептерин сурап жаттым. Тилекке каршы, жөндүү бир да сөз айтып бере алышпайт. Конкреттүү сунуштары да жок. Азыркы иштеп жаткан Баш мыйзамдан эч кандай жартылуу жылышты көрө алган жокпуз. Бул партиялык система иштеп кете алган жоктугун айгинелеп турат. 2010-жылы күчтүү партиялар болгон. Бирок, партиялык системадан улам бири-бири менен бийлик талашып олтурушуп, чачырап кеткендерине күбө болуп олтурабыз. Айрым партиялардын тагдыры эмне болду?!",- деген Чолпон Койчуманова эң башкысы элдин тандоосун сыйлоо зарылдыгын белгилеп кетти.

Конституциялык кеңештин мүчөсү Максат Чаки: "Өткөн жылы коронавирустан миңдеген адамдар каза тапты. Бул адамдардын өлүмүнүн жоопкерчилигин ким мойнуна алды?! Президентпи? Жок! Ал эч кандай аракет кылбастан, кол куушуруп олтуруп берди. Анткени аны Конституция коргойт. Парламент болсо оору күчөп турган учурда очойгон эмгек өргүү акыларын алып, эс алганы тарап кетишти. Өкмөт да жоопкерчиликти ала алган жок. Эл жана ыктыярчылар гана бири-бирине жардам беришип кырдаалдан чыгып кеттик. Бул жаңы долбоор боюнча бардык жоопкерчиликти Президент өз мойнуна алат. Парламенттик системаны жактагандарга айтаарым, биз буга даяр эмес экендигибизди убакыт далилдеди. Азыр партиялардын бардыгы акчасы барлар менен гана иш алпарышат", - деди.

Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин доценти Исаева Рапия 1993-жылдан тартып Конституцияга абай салып келе жаткандыгын айтты. Бул жолку жаңы долбоор ишке кирсе демократиялык принциптер толук ишке ашкан күчтүү мамлекет болоорубузга ишеним чоң экендигин белгиледи. "Азыркы жаңы долбоорго каршы чыгып жаткандар кимдер болду экен? - деп кызыктым. Көрсө, алар парламенттик башкарууну көздөгөн партия лидерлери, айрым мамлекеттик эмес уюмдар, кызматтан кур калгандар, анан жөн эле каршы чыккандар. Ошондой эле араларында Конституциялык кеңешмеге кирбей калып таарынгандар да бар экен. Жаңы долбоор тууралуу маалыматтарды элге жеткирүү үчүн ушундай иш-чараларды байма-бай уюштуруу күн тартибиндеги маселе болуп турат. Бул абдан маанилүү. Антткени, көпчүлүк элдин маалыматы жок. Өлкөнү өнүктүрүү максатында киргизилген ар бир берене тууралуу эл кабардар болушу керек. Маселен, атайын педагогдордун статусун көтөрүү үчүн бир нече берене киргизилди. Демек, келечекте мугалимдердин жашоо-шарты оңолот. Ошондуктан, мамлекетибизди өнүктүрүп-өстүрөлү десек референдумду колдоо керек",- деди.

Конституциялык кеңештин мүчөсү Кадыр Кошалиев болсо, 2010-жылы азыркы Баш мыйзам ошол кезде мамлекетте болуп жаткан абалга карата Убактылуу өкмөттү колдоп коюу максатында гана кабыл алынып калган деген пикирде. "Ошол Конституция туура жол көрсөтсө, мамлекет азыркыдай кирзиске кептелбейт болчу. Бул Баш мыйзамдын өзгөчөлүгү улуттук баалуулуктардын киргизилиши болду. Кыргыз элинин философиясы, улуттук казынасындагы руханий материалдык баалуулуктары атайын беренелер менен бекемделген. Айрыкча 21-беренеде идеологиянын өзөгү жатат. Ал эми 22-беренеде мамлекет илимге таянып өнүгөөрү жөнүндө белгиленген. Каршы чыгып жаткандардын себеби 8-беренеде турат. Анда ар кандай уюмдардын каржылык ишмердүүлүгү тийиштүү органдардын алдында ачык жүргүзүлсүн деп так белгиленген. Сырттан келген каражаттар өлкөбүздүн стабилдүүлүгүн бузууга гана иштеп келе жатпайбы?!", - деди К.Кошалиев.

Курултай жөнүндө да кыскача токтолуп, коомдук институт катары киргизилгендигин да колдоого тете экендигин белгиледи. Жалпысынан алганда мамлекетибиздин келечегин алдыга сүрөй турган, улуттук духтагы Баш мыйзам болгондугун кубаттады. Ал бийлик бутактарынын тең салмактуулугу жакшы сакталгандыгын, президент Конституциянын кепилдиги катары бардык нерсеге жоопкер болоорун айтты. "Анын мойнуна чоң милдет тагылды. Ошого жараша жүгү бар", - деген Кадыр Кошалиев элибиздин табиятына ылайык Конституция болгондугун кошумчалады.

11-апрелде жаңы Конституцияны кабыл алуу боюнча референдум өтөт. Коомчулук бул жолу жашоо-турумушубуз жакшы нукка өзгөрөбү деген илгери үмүт менен турат. Ар бирибиз келечекке кайдыгер карабастан, Конституциянын жаңы долбоору менен жакындан таанышып, өз добушубузду берели.

**Жылдыз ДЫЙКАНОВА**

■ Азаматка - эл тирек



# АДАЛ ЭМГЕК АСТЫҢА АТ, ҮСТҮҢӨ ТОН

"XX кылымдан ашык убакытта кыргыз эли жоголбой, бир ууч болуп, азайса да, көбөйсө да улут катары сакталып келатат. Анткени, улуттун түп жашоосун, философиясын түптөй турган идеологиясы бар. Кыргыз байыртан намыс үчүн эч нерседен баш тарткан эмес. Тукум курут кылабыз деген душмандарга туруштук берип Алтайдан, Эне-Сайдан Ала-Тоого чейин келип, карыны сыйлап, кичүүнү ызааттап, улутту сактоодо жоого бирдей аттанып, кыргыздуулугун сактаган. Өздөрүнө таандык демократиясы болгон. Учурда ушул ыйык улуу салтыбыздын, философиябыздын кичинекей эле саркындысы, бөлүктөрү калган сыяктуу. Андыктан баарын бириктирип, чачылганды жыйнап, үзүлгөндү улап кетчү күнгө келдик" деп, улуттук, мамлекеттик идеологияны түптөөгө жан үрөп, эл-жер үчүн ак кызматын арноого кадам таштаган, Премьер-министрдин кеңешчиси Каныбек Осмоналиевке өткөн жуманын аягында "Санжыра" борборунун директору, тарых-жазуучусу, профессор, КР "Ала-Тоо Мекенчил Инсандары" ККФнын президенти, Эл аралык илим жана маданият багытындагы "Мустафа Кемаль Ата Түрк" фондунун академиги, 1-вице президенти Асыкбек Оморов "Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүк багытына Улуттук мамлекеттик идеология боюнча болуп көрбөгөндөй алгачкы жолу максаттуу багытты койгондугу үчүн «Ала-Тоо Мекенчил Инсандары» коомдук кайрымдуулук фондунун алтын Ардак грамотасын жана «Ала-Тоо Эл сыймыгы» алтын төш белгисин тапшырды. "Адал эмгек астыңа ат, үстүңө тон" демекчи, адам эмгегине эл тараза эл сынчы. Андыктан, Каныбек Осмоналиевичтин алган сыйлыгы кут болсун!

Сыйлык тапшыруу учурунда Асыкбек Оморов "Каныбек Осмоналиев 29 жылдан бери көтөрүлбөй калган улуттук, мамлекеттик идеологияны көтөрүп чыгып, учурда алгылыктуу кадамдарды жасап жатат. Бул идеяны «Мен кыргызмын» деген мекенчил инсандар жапа-тырмак колдоп, жардам беришибиз керек. Мен да улуттук, мамлекеттик идеологияны калыптандырыш үчүн КР Билим берүү жана илим министрлигине жана КР Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигине атайын «Кыргыз баалуулугу» же «Кыргыз салттуулугу, нарктуулугу» дейбизби, айтор эки бөлүмдү ачсак туура болот деген сунушту айтам. Ал бөлүмдөргө атайын каражат карап кереги жок, ар бир министрликтен бирден штатты кыскартып, жаңы бөлүмдү ачып, эмгек акыны мурунку ачылган штаттардын эсебинен берилсе дейм. Ал эми ошол жаңы ачылган «Улуттук баалуулуктар» бөлүмү Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бала бакчалардан баштап мектеп жана ЖОЖдо кандай багытта окуу-тарбия иштерин окутууну тактап, атайын окуу предметтерин, планга бекитип бериши кажет.

Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги болсо айылдагы маданият үйлөрүнөн тарта облустук, республикалык драма театр, циркterге, филармонияга чейин улуттук баалуулуктарды сактоо багытында кандай иштерди алып бараарын жөндөп, тескеп турушу керектелет. Ошондо ар ким каалагандай батыштын дардаңдаган ырын ырдай албайт. Баары чектелип, тескелип, көзөмөлдөнөт. Мектептерде адеп сабактары толугу менен окутулат. Бул менин жеке келечектүү оюм" деген пикирин билдирди.

**Жазгүл КАРБОСОВА**

## «ҮРӨНЧҮЛҮКТӨГҮ МАМЛЕКЕТТИК ДОТАЦИЯ ЖӨНҮНДӨ» КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2021-жылдын 10-февралында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган*

**1-берене**

«Үрөнчүлүктөгү мамлекеттик дотация жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2019-ж., № 2, 67-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 2-берененин 4-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«4) мамлекеттик дотация жайылтылуучу артыкчылыктуу айыл чарба өсүмдүктөрү - айыл чарба чөйрөсүндө саясатты жүзөгө ашыруучу ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын сунушу боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чечими менен жыл сайын аныкталуучу айыл чарба өсүмдүктөрү.»;

2) 5-берененин 2-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«2. Айыл чарба чөйрөсүндө саясатты жүзөгө ашыруучу ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган дотациялык тастыкталган үрөндөрдүн көлөмдөрүн аныктайт. Мамлекеттик дотациянын көлөмүн аныктоо, мамлекеттик дотация берүү механизминин ачык-айкындуулугун камсыз кылуу, дотациялык үрөндөргө коюлуучу бааны бекитүү, мамлекеттик дотациянын квоталарын белгилөө жана каражаттарын төлөө тартиби жана шарттары Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилүүчү жобого ылайык белгиленет.»;

3) 7-беренеде:

а) 4-бөлүгү «монополияга каршы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан» деген сөздөрдөн кийин «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чечими менен бекитилген методикага ылайык» деген сөздөр менен толуктalсын;

б) 5-бөлүгү күчүн жоготту деп таанылсын;

4) 9-беренеде:

а) 1-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«1. Кызмат адамдары, үрөнчүлүк чарбалары жана айыл чарба товар өндүрүүчүлөрү ушул Мыйзамдын ченемдерин бузганы үчүн Кыргыз Республикасынын жарандык жана жазык мыйзамдарына, Кыргыз Республикасынын жоруктар жөнүндө жана бузуулар жөнүндө мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартышат.»;

б) 2-бөлүгү "дотациялык үрөндөрдү алуучунун талабы боюнча" деген сөздөрдөн кийин «соттун чечиминин негизинде» деген сөздөр менен толуктalсын.

**2-берене**

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү өзүнүн ченемдик укуктук актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2021-жылдын 23-марты, №37***

## ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

### О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ В ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ «О ГОСУДАРСТВЕННОЙ ДОТАЦИИ В СЕМЕНОВОДСТВЕ»

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 10 февраля 2021 года*

**Статья 1**

Внести в Закон Кыргызской Республики «О государственной дотации в семеноводстве» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2019 г., № 2, ст. 67) следующие изменения:

1) пункт 4 статьи 2 изложить в следующей редакции:

«4) приоритетные сельскохозяйственные культуры, на которые распространяется государственная дотация - сельскохозяйственные культуры, ежегодно определяемые решением Правительства Кыргызской Республики по предложению уполномоченного государственного органа, осуществляющего политику в сфере сельского хозяйства.»;

2) часть 2 статьи 5 изложить в следующей редакции:

«2. Уполномоченный государственный орган, осуществляющий политику в сфере сельского хозяйства, определяет объемы дотационных сертифицированных семян. Порядок и условия определения объема государственной дотации, обеспечения прозрачности механизма предоставления государственной дотации, утверждения отпускных цен на дотационные семена, установления квот и выплат средств государственной дотации устанавливаются согласно положению, утверждаемому Правительством Кыргызской Республики.»;

3) в статье 7:

а) часть 4 после слов «антимонопольным органом» дополнить словами «согласно методике, утверждаемой решением Правительства Кыргызской Республики»;

б) часть 5 признать утратившей силу;

4) в статье 9:

а) часть 1 изложить в следующей редакции:

«1. Должностные лица, семеноводческие хозяйства и сельскохозяйственные товаропроизводители несут ответственность за нарушение норм настоящего Закона в соответствии с гражданским и уголовным законодательством Кыргызской Республики и законодательством Кыргызской Республики о проступках и о нарушениях.»;

б) часть 2 после слов «по требованию получателя дотационных семян,» дополнить словами «на основании решения суда,».

**Статья 2**

Настоящий Закон вступает в силу со дня официального опубликования.

Правительству Кыргызской Республики привести свои нормативные правовые акты в соответствие с настоящим Законом.

**Президент Кыргызской Республики** **С.ЖАПАРОВ**

***г.Бишкек, 23 марта 2021 года, №37***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ТОКОЙ КОДЕКСИНЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2021-жылдын 10-февралында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган*

**1-берене**

Кыргыз Республикасынын Токой кодексине (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин Жарчысы, 1999-ж., №12, 534-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 24-берененин биринчи бөлүгү төмөнкүдөй мазмундагы он жетинчи абзац менен толуктalсын:

«- бузуулар жөнүндө иштер боюнча өндүрүштү козгоо;»;

2) 75-беренеде:

а) төртүнчү бөлүгүндө:

- үчүнчү абзацында «административдик, анын ичинде токой укуктарын бузуу жөнүндөгү» деген сөздөр «Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексинде каралган бузуулар жөнүндө» деген сөздөргө алмаштырылсын;

- бешинчи абзацында «, административдик» деген сөз алып салынсын;

б) бешинчи бөлүгүндө:

- үчүнчү абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«- токой фондусун пайдалануу, коргоо, сактоо жана токойлорду жаңыртып өстүрүү жагындагы бузуулар жөнүндө протоколдорду жана актыларды, жоруктар жөнүндө актыларды түзүү;»;

- бешинчи абзацында «административдик укук бузууларды» деген сөздөр «бузууларды» деген сөзгө алмаштырылсын;

3) 78-берененин экинчи бөлүгүндө:

а) мамлекеттик тилдеги текстинде «жарандык, административдик» деген сөздөр «жазык, мүлктүк» деген сөздөргө алмаштырылсын;

б) расмий тилдеги текстинде «административную,» деген сөз алып салынсын;

4) 96-беренеде:

а) биринчи бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«Токой мыйзамдарын бузгандыгы үчүн күнөөлүү адамдар тартиптик, жазык жоопкерчилигин жана Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексине ылайык жоопкерчилик тартат.»;

б) экинчи бөлүгүндө «Административдик укук бузуулар» деген сөздөр «Бузуулар» деген сөзгө алмаштырылсын;

в) үчүнчү бөлүгүндө «же административдик» деген сөздөр алып салынсын.

**2-берене**

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2021-жылдын 23-марты, №40***

## ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

### О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ В ЛЕСНОЙ КОДЕКС КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 10 февраля 2021 года*

**Статья 1**

Внести в Лесной кодекс Кыргызской Республики (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 1999 г., №12, ст. 534) следующие изменения:

1) часть первую статьи 24 дополнить абзацем семнадцатым следующего содержания:

«- возбуждение производства по делам о нарушениях;»;

2) в статье 75:

а) в части четвертой:

- в абзаце третьем слова «об административных правонарушениях, в том числе и о лесонарушениях» заменить словами «о нарушениях, предусмотренных Кодексом Кыргызской Республики о нарушениях»;

- в абзаце пятом слово «, административной» исключить;

б) в части пятой:

- абзац третий изложить в следующей редакции:

«- составлять протоколы и акты о нарушениях, акты о проступках в области использования, охраны, защиты лесного фонда и воспроизводства лесов;»;

- в абзаце пятом слова «административные правонарушения» заменить словом «нарушения»;

3) в части второй статьи 78:

а) в тексте на государственном языке слова «жарандык, административдик» заменить словами «жазык, мүлктүк»;

б) в тексте на официальном языке слово «административную,» исключить;

4) в статье 96:

а) часть первую изложить в следующей редакции:

«Лица, виновные в нарушении лесного законодательства, несут дисциплинарную, уголовную ответственность и ответственность в соответствии с Кодексом Кыргызской Республики о нарушениях.»:

б) в части второй слова «административные правонарушения» заменить словом «нарушения»;

в) в части третьей слова «или административной» исключить.

**Статья 2**

Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

**Президент Кыргызской Республики** **С.ЖАПАРОВ**

***г.Бишкек, 23 марта 2021 года, №40***

***Ош шаарынын прокуратурасы Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 29-январындагы «Менчикти коргоо жана ишкерлер менен инвесторлорду колдоо жөнүндө», 2021-жылдын 4-мартындагы "Ишкердик субъекттерин коргоо боюнча кошумча чаралар жөнүндө" жарлыктарын аткаруу максатында, Ош шаарынын прокуратурасынын демилгеси менен фискалдык органдардын өкүлдөрүнүн катышуусунда ишкерлер менен жолугушуу өткөрдү. Анда ишкерлердин укуктарын коргоо боюнча прокурордук көзөмөлдү камсыз кылуу жөнүндө айтылды.***

## ПРОКУРАТУРА КӨЗӨМӨЛДӨЙТ

Катышуучуларга шаардык прокуратура тарабынан Ош шаарынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматтары, салык жана укук коргоо органдары тарабынан ишкердик субъекттердин ишмердүүлүгүнө кийлигишүү же коррупциялык фактыларды болтурбоо максатында ыкчам кайрылуу үчүн ишеним телефондору ишке киргени тууралуу маалымат берилди. Буга ишкерлер өз ыраазычылыктарын билдирип, көйгөйлөрдү натыйжалуу чечүү үчүн тыгыз кызматташууга даяр экендигин билдиришти.

**Сымбат МАКСУТОВА**



Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо


■ *“Өзүңө сак бол, акчаңа бек бол”*

# ӨЛКӨБҮЗ ДҮЙНӨЛҮК АКЧА ЖУМАЛЫГЫН БЕЛГИЛЕДИ

Өзүңө сак бол, акчаңа бек бол!
GLOBAL MONEY WEEK®
Глобалдык акча жумалыгы 2021

**Экономикалык жактан алганда акча адамдардын жашоо турмушунун кыймылдаткыч күчү деп айтсак болот. Анткени, адамдардын жашоосун акчасыз элестетүү мүмкүн эмес. Ошондуктан адамдар акча табуу үчүн тырышышат. Ал эми акча табуу бир маселе болсо, экинчиси ошол табылган акчаны сарамжалдуу, үнөмдүү, натыйжалуу пайдалануу билүү болуп эсептелет. Ошондуктан финансылык сабаттуулук маселеси глобалдуу маселеге айланып, балдарды жана жаштарды акча пайдалануу маданиятын үйрөтүү маселеси дүйнөлүк масштабга чыгып отурат. Бул олуттуу теманын үстүндө сөз кылуу үчүн КР Улуттук банкынын Финансылык сабаттуулук секторунун жетектөөчү адиси К.И.МУСУРАЛИЕВди кепке тарттык.**




**- Кубаныч Иратбекович, Бүткүл дүйнөлүк акча жумалыгы тууралуу кыскача маалымат бере кетсеңиз?**

- Азыркы учурда Бүткүл дүйнөлүк акча жумалыгы – жыл сайын кенен масштабда өткөрүлүүчү өнөктүккө айланып отурат. Ал адатта жыл сайын март айында өткөрүлүп, ага байланыштуу өткөрүлгөн иш-чаралар дүйнөнүн 170тен ашуун өлкөсүн кучагына алууда. Бул жаштардын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу боюнча жасалып жаткан аракеттерге өз көмөгүн бермекчи. Финансылык сабаттуулукту жогорулатуу боюнча жүргүзүлүп жаткан өнөктүктүн түпкү максаты бардык балдарга жана жаштарга жогорку сапаттагы финансылык билим алууну, акчага сак жана этият мамиле жасоо маданиятын үйрөнүүнү жана акчанын маанисин окуп үйрөнүүгө жетишүүсүн камсыз кылуу болуп эсептелет. Бул аркылуу балдар жана жаштар акыл-эстүү финансылык чечимдерди кабыл алууну үйрөнүү менен алар финансылык туруктуулукка жана жакшы жашоого жетише алышат.




**- Бул глобалдык өнөктүк кайсы убактан бери өткөрүлүп келүүдө?**

- Бүткүл дүйнөлүк акча жумалыгы 2012-жылдан тартып өткөрүлө баштаган. Бул өнөктүктү өткөрүүнүн демилгечиси катары адегенде Эл аралык балдар жана жаштар үчүн финансылык билим берүү жана финансылык жеткиликтүүлүк уюму (CYFI – Child and Youth Finance International) чыккан. Өткөн жылдан тартып Эл аралык ОЭСР финансылык билим берүү боюнча тармагы уюштуруучу болууда. 2012–2021-жылдар аралыгында бул глобалдык өнөктүккө катышкан өлкөлөрдүн саны 21ден 175ке чейин көбөйгөн. Азыркы учурда өнөктүк 40 миллиондон ашуун балдарды жана жаштарды, 63 миң уюмдарды, 465 миң иш-чараларды кучагына камтыйт. Бүткүл дүйнөлүк акча жумалыгында финансылык сабаттуулук боюнча ар түрдүү сынактар, оюндар, сабактар өткөрүлүп, банктарга, финансылык институттарга жана бизнес-ишканаларга визиттер жасалат жана көргөзмөлөр уюштурулуп, радио жана телеберүүлөр жүргүзүлөт. Өнөктүктүн 2015-жылдан берки өзгөчөлүгү тематикалык белгилүү бир багытка көңүл бурулуп, алар үчүн өзүнчө ойлоп табылган ураан же чакырык колдонулууда.

**- Бул өнөктүккө Кыргыз Республикасынын катышуусу кандай болууда?**

- Кыргыз Республикасында Бүткүл дүйнөлүк акча жумалыгы 2015-жылдан бери өткөрүлүп келүүдө. Биринчи жолку өткөрүлгөн өнөктүктүн алкагында республиканын бардык аймактарында жана айылдарында 6000ден ашуун окуучулар жана студенттер катышкан 160тан ашуун иш-чаралар өткөрүлгөн болчу. Бул иш- чаралардын жүрүшүндө балдар жана студенттер эксперттердин лекцияларын угушуп, Улуттук банктын Нумизматикалык музейине экскурсияга барышты жана аларга коммерциялык банктардын, мамлекеттик мекемелердин ачык эшик күндөрү жарыяланып, тренингдер, сынактар өткөрүлдү. Ал эми 2016-жылы биздин республикада Бүткүл дүйнөлүк акча жумалыгы “Акчаңды бүгүн сакта, Эртең өзүңө керек болот”-деген ураан менен жүргүзүлүп, ал балдардын жана жаштардын финансылык сабаттуулугуна, ошондой эле акча чогултуу маданиятын жогорулатууга багытталган болчу.

**- Бүткүл дүйнөлүк акча жумалыгын өткөрүүдө биздин республика кандай ийгиликтерге жетишти?**

- Кыргыз Республикасы 2015-жылы Бүткүл дүйнөлүк акча жумалыгын ийгиликтүү өткөргөндүгү, ошондой эле өлкөдө финансылык сабаттуулук жаатында орчундуу ийгиликтерге жетишкендиги жана финансылык сабаттуулукту жогорулатуу Программасын бекиткендиги үчүн Эл аралык балдар жана жаштар үчүн финансылык билим берүү жана жеткиликтүүлүк уюму тарабынан уюшулган “Глобалдык жеткиликтүүлүк – 2016” сыйлыгына өлкөлүк категория боюнча Европанын жана Борбордук Азиянын 50 өлкөлөрүнүн ичинен финалист болуп көрсөтүлгөн.

Кийинки 2017, 2018, 2019-жылдары Глобалдык акча жумалыгынын алкагында Улуттук банктын, министрликтердин жана ведомстволордун, эл аралык жана коомдук уюмдардын, билим берүү мекемелеринин биргелешкен аракети менен жыл сайын лекцияларды, интерактивдик оюндарды, финансы мекемелерине жасалган экскурсияларды, сынактарды ж.б. иш-чараларды камтыган 500дөн ашуун иш-чаралар жүргүзүлүп турган. Аларга 40 миңден ашуун балдар жана чоң курактагы адамдар катышышкан. Муну менен бирге өлкөдө мектеп окуучуларына, жаштарга жана мектеп мугалимдерине финансылык билим берүү жаатындагы олуттуу ийгиликтери жана аракети үчүн CYFI уюштурган “Жаштарды тартуу – 2019” номинациясындагы Global Inclusion Awards сыйлыгынын жеңүүчүсү болгон.




**- Кыргыз Республикасында 2021-жылы өткөрүлүп жаткан Бүткүл дүйнөлүк акча жумалыгынын абалы кандай болууда?**

- Үстүбүздөгү жылы Бүткүл дүйнөлүк акча жумалыгы көбүнесе онлайн форматында “Өзүңө сак бол, акчаңа бек бол” чакырыгы астында өткөрүлүүдө. Иш-чаралары Улуттук банктын жетекчилиги астында министрликтердин жана ведомстволордун, финансылык институттардын, эл аралык жана коомдук уюмдардын, бизнес-ассоциацияларынын катышуусунда өттү. Бул иш-чаралар финансылык сабаттуулук боюнча ар түрдүү лекцияларды, тренингдерди, презентацияларды жана оюндарды, социалдык тармактарда маалыматтык өнөктүктөрдү, сүрөттөрдүн, видеороликтердин, акча топтогуч идиштерди жасоо сынактарын, студенттердин жана жаш кесипкөйлөрдүн арасында финансы жана экономика боюнча биринчи жалпы республикалык олимпиада өткөрүүнү камтыйт. Глобалдык акча жумалыгынын жүрүшүндө КР Улуттук банкы тарабынан SOS Балдар Айылынын балдары үчүн нумизматикалык музейине экскурсия уюштурулду. Улуттук банктын кызматкерлери массалык маалымат каражаттарында маалымат берүү иш-чараларына жигердүү катышышты. Ошондой эле өлкөнүн аймактарында иш-чараларды өткөрүштү.Улуттук банктын областтык Башкармалыгынын кызматкерлери мектеп окуучулары үчүн (Баткен областындагы Жоомарт Бөкөнбаев атындагы орто мектеби, Каракол шаарындагы №11 орто мектеп-гимназиясы), колледждердин окуучулары (Баткен мамлекеттик университетинин колледжи, Ош мамлекеттик университетинин алдындагы Юридикалык колледжи, Кыргыз-Өзбек эл аралык университетинин профессионалдык колледжи, Талас агрардык-экономикалык колледжи) жана жогорку окуу жайлардын студенттери (Нарын мамлекеттик университети, Ош технологиялык университети) үчүн Улуттук валютанын өнүгүү тарыхы, улуттук валютага этият мамиле жасоо, улуттук валютанын коргоо элементтери, акча чогултуунун маданияты, депозиттер сыяктуу темаларда онлайн жана офлайн форматында презентациялар өткөрүлүп, лекциялар окулду. Иш-чараларга 100дөн ашуун окуучулар жана 300гө жакын колледждин окуучулары жана жогорку окуу жайлардын студенттери катышышты.

Кыргыз Республикасында 2021-жылы өтүп жаткан Бүткүл дүйнөлүк акча жумалыгы жөнүндөгү кенениреэк маалыматты www.finsabat.kg сайтынын “Долбоорлор жөнүндөгү” бөлүгүнөн таанышууга болот.

**Абдимухтар АБИЛОВ**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БУЗУУЛАР ЖӨНҮНДӨ ЖАНА ЖОРУКТАР ЖӨНҮНДӨ КОДЕКСТЕРИНЕ ШАЙКЕШ КЕЛТИРҮҮ БОЮНЧА АЙРЫМ МЫЙЗАМ АКТЫЛАРЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2021-жылдын 10-февралында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган*

**1-берене**

«Кыргыз Республикасындагы тышкы соода ишин мамлекеттик жөнгө салуу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомосттору, 1997-ж., №8, 376-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 7-статьяда:

а) биринчи бөлүктө «Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралгандан башка учурларда,» деген сөздөр «Кыргыз Республикасынын салык жана бажы мыйзамдарына жана Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге ылайык» деген сөздөргө алмаштырылсын;

б) экинчи бөлүктө «Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык» деген сөздөр «Кыргыз Республикасынын салык жана бажы мыйзамдарына жана Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге ылайык» деген сөздөргө алмаштырылсын;

2) 8-статья күчүн жоготту деп таанылсын;

3) 9-статьянын биринчи бөлүгүндө «ушул Мыйзамга, Кыргыз Республикасынын башка мыйзамдарына жана нормативдик укуктук актыларына» деген сөздөр «ушул Мыйзамга, Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге» деген сөздөргө алмаштырылсын;

4) 18-статьянын биринчи бөлүгүндө «Кыргыз Республикасынын Президентинин указдары тарабынан» деген сөздөр «Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдер менен» деген сөздөргө алмаштырылсын;

5) 32-статьяда «Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык граждандык, укуктук, административдик же кылмыш жоопкерчилигине» деген сөздөр «Кыргыз Республикасынын жарандык жана жазыктык мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке» деген сөздөргө алмаштырылсын.

**2-берене**

«Жарнама жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 1999-ж., №4, 195-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

31-беренеде:

а) 1-бөлүктүн биринчи абзацында «Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык администрациялык жоопкерчилик тартышат» деген сөздөр «Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексине жана Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодексине ылайык жоопкерчилик тартат» деген сөздөргө алмаштырылсын;

б) 2-бөлүктүн үчүнчү абзацында «Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жазыктык жоопкерчиликке кириптер кылат» деген сөздөр «Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодексине ылайык жоопкерчиликке алып келет» деген сөздөргө алмаштырылсын;

в) 4-бөлүктүн биринчи абзацында «же соттук тартипте, ал эми администрациялык жаза-чараларын колдонуу бөлүгүндө - администрациялык жоопкерчилик жөнүндө мыйзамдарда каралган тартипте даттанууга укуктуу» деген сөздөр «жарнама берүүчү, жарнама чыгаруучу же жарнама таратуучу административдик даттануу боюнча чечимге макул болбогон учурда сотко кайрылууга, ал эми жаза чараларын колдонуу бөлүгүндө -Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексинде каралган тартипте даттанууга укуктуу» деген сөздөргө алмаштырылсын.

**3-берене**

«Кыргыз Республикасындагы техникалык жөнгө салуунун негиздери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2004-ж., №9, 407-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 11-статьянын $1^1$-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«$1^1$. Техникалык регламент Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге ылайык кабыл алынышы мүмкүн.

Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге ылайык кабыл алынган техникалык регламент күчүнө киргенге чейин техникалык регламент ушул Мыйзамдын жоболоруна ылайык мыйзам же Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому түрүндө кабыл алынышы мүмкүн.».

2) 28-статьянын 2-пунктунун үчүнчү абзацында «Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында» деген сөздөр «Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексинде» деген сөздөргө алмаштырылсын;

3) 38-статьянын 1-пунктунда «Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына» деген сөздөр «Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине жана мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызмат чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына» деген сөздөргө алмаштырылсын;

4) 39-статьянын 1-пунктунда «Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына» деген сөздөр «Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексине» деген сөздөргө алмаштырылсын;

5) 40-статьяда «Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына» деген сөздөр «Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексине» деген сөздөргө алмаштырылсын.

**4-берене**

«Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2014-ж., №7, 676-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

17-беренесинин 1-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«1. Мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызмат адамдары ушул Мыйзамдын ченемдерин аткарбагандыгы же талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине жана мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызмат чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартат.».

**5-берене**

«Ишкердиктин субъекттерине текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2007-ж., №5, 463-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

11 -статьяда:

а) 2-бөлүктүн экинчи абзацында «администрациялык жоопкерчилик жөнүндө мыйзамдарда» деген сөздөр «Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексинде жана Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодексинде» деген сөздөргө алмаштырылсын;

б) 3-бөлүктүн экинчи абзацында «Кыргыз Республикасынын администрациялык жоопкерчилик жөнүндө мыйзамдарында» деген сөздөр «Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексинде» деген сөздөргө алмаштырылсын.

**6-берене**

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2021-жылдын 23-марты, №39***

## ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ В НЕКОТОРЫЕ ЗАКОНОДАТЕЛЬНЫЕ АКТЫ ПО ПРИВЕДЕНИЮ В СООТВЕТСТВИЕ С КОДЕКСАМИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ О НАРУШЕНИЯХ И О ПРОСТУПКАХ

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 10 февраля 2021 года*

**Статья 1**

Внести в Закон Кыргызской Республики «О государственном регулировании внешнеторговой деятельности в Кыргызской Республике» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 1997 г., №8, ст. 376) следующие изменения:

1) в статье 7:

а) в части первой слова «за исключением случаев, предусмотренных законодательством Кыргызской Республики» заменить словами «в соответствии с налоговым и таможенным законодательством Кыргызской Республики и вступившими в установленном законом порядке в силу международными договорами, участницей которых является Кыргызская Республика»;

б) в части второй слова «в соответствии с законодательством Кыргызской Республики» заменить словами «в соответствии с налоговым и таможенным законодательством Кыргызской Республики и вступившими в установленном законом порядке в силу международными договорами, участницей которых является Кыргызская Республика»;

2) статью 8 признать утратившей силу;

3) в части первой статьи 9 слова «настоящим Законом, другими законами иными нормативными правовыми актами Кыргызской Республики» заменить словами «настоящим Законом и вступившими в установленном законом порядке в силу международными договорами, участницей которых является Кыргызская Республика»;

4) в части первой статьи 18 слова «указами Президента Кыргызской Республики» заменить словами «вступившими в установленном законом порядке в силу международными договорами, участницей которых является Кыргызская Республика»;

5) в статье 32 слова «несут гражданско-правовую, административную или уголовную ответственность в соответствии с законодательством Кыргызской Республики» заменить словами «несут ответственность в соответствии с гражданским и уголовным законодательством Кыргызской Республики».

**Статья 2**

Внести в Закон Кыргызской Республики «О рекламе» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 1999 г., №4, ст. 195) следующие изменения:

в статье 31:

а) в абзаце первом части 1 слова «несут административную ответственность в соответствии с законодательством Кыргызской Республики» заменить словами «несут ответственность в соответствии с Кодексом Кыргызской Республики о нарушениях и Кодексом Кыргызской Республики о проступках»;

б) в абзаце третьем части 2 слова «уголовную ответственность в соответствии с законодательством Кыргызской Республики» заменить словами «ответственность в соответствии с Кодексом Кыргызской Республики о проступках»;

в) в абзаце первом части 4 слова «или в судебном порядке, а в части применения административных взысканий - законодательством об административной ответственности» заменить словами «в случае несогласия с решением по административной жалобе рекламодатель, рекламопроизводитель или рекламораспространитель вправе обратиться в суд, а в части применения взысканий -Кодексом Кыргызской Республики о нарушениях».

**Статья 3**

Внести в Закон Кыргызской Республики «Об основах технического регулирования в Кыргызской Республике» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2004 г., №9, ст. 407) следующие изменения:

1) пункт $1^1$ статьи 11 изложить в следующей редакции:

«$1^1$. Технический регламент может быть принят в соответствии с вступившими в установленном законом порядке в силу международными договорами, участницей которых является Кыргызская Республика.

До вступления в силу технического регламента, принятого в соответствии с вступившими в установленном законом порядке в силу международными договорами, участницей которых является Кыргызская Республика, технический регламент может быть принят законом или постановлением Правительства Кыргызской Республики в соответствии с положениями настоящего Закона.».

2) в абзаце третьем пункта 2 статьи 28 слова «законодательством Кыргызской Республики» заменить словами «Кодексом Кыргызской Республики о нарушениях»;

3) в пункте 1 статьи 38 слова «законодательством Кыргызской Республики» заменить словами «Трудовым кодексом Кыргызской Республики и законодательством Кыргызской Республики в сфере государственной гражданской и муниципальной службы»;

4) в пункте 1 статьи 39 слова «несет ответственность в соответствии с действующим законодательством Кыргызской Республики» заменить словами «несет ответственность в соответствии с Кодексом Кыргызской Республики о нарушениях»;

5) в статье 40 слова «законодательством Кыргызской Республики» заменить словами «Кодексом Кыргызской Республики о нарушениях».

**Статья 4**

Внести в Закон Кыргызской Республики «О государственных и муниципальных услугах» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2014 г., №7, ст. 676) следующее изменение:

пункт 1 статьи 17 изложить в следующей редакции:

«1. Должностные лица государственных органов и органов местного самоуправления за неисполнение или ненадлежащее исполнение норм настоящего Закона несут ответственность в соответствии с Трудовым кодексом Кыргызской Республики и законодательством Кыргызской Республики в сфере государственной гражданской и муниципальной службы.».

**Статья 5**

Внести в Закон Кыргызской Республики «О порядке проведения проверок субъектов предпринимательства» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2007 г., №5, ст. 463) следующие изменения:

в статье 11:

а) в абзаце втором части 2 слова «законодательством об административной ответственности» заменить словами «Кодексом Кыргызской Республики о нарушениях и Кодексом Кыргызской Республики о проступках»;

б) в абзаце втором части 3 слова «законодательством Кыргызской Республики об административной ответственности» заменить словами «Кодексом Кыргызской Республики о нарушениях».

**Статья 6**

Настоящий Закон вступает в силу по истечении пятнадцати дней со дня официального опубликования.

**Президент**
**Кыргызской Республики** **С.ЖАПАРОВ**

***г.Бишкек, 23 марта 2021 года, №39***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2021-ЖЫЛДЫН 1-МАРТЫНДАГЫ №65 «ЖЕРГИЛИКТҮҮ МАМЛЕКЕТТИК АДМИНИСТРАЦИЯ БАШЧЫЛАРЫНЫН ЖАНА АЛАРДЫН ОРУН БАСАРЛАРЫНЫН КЫЗМАТ ОРУНДАРЫНА КАДРЛАР РЕЗЕРВИН ТҮЗҮҮ ЖАНА АТТЕСТАЦИЯЛОО МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ» ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН

### ТОКТОМУ

Жергиликтүү мамлекеттик администрация башчыларын жана алардын орун басарларын аттестациядан өткөрүүнү камсыздоо максатында, «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 1-мартындагы №65 «Жергиликтүү мамлекеттик администрация башчыларынын жана алардын орун басарларынын кызмат орундарына кадрлар резервин түзүү жана аттестациялоо маселелери жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) жогоруда аталган токтом менен бекитилген жергиликтүү мамлекеттик администрация башчыларын жана алардын орун басарларын аттестациялоо боюнча аттестациялык комиссиянын курамына төмөнкүлөр киргизилсин:

Кожоев Мирбек Кокулбаевич, Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратынын мамлекеттик башкаруу саясаты жана уюштуруу-инспектордук иштер бөлүмүнүн башчысынын орун басары, өнүктүрүүгө мониторинг жүргүзүү секторунун башчысы (макулдашуу боюнча);

- Рысалиев Сейит Максутович, Кыргыз Республикасынын экономика жана финансы министринин орун басары;

2) А.А.Орозалиев, Д.Ш.Иманалиев аттестациялык комиссиянын курамынан чыгарылсын.

**2.** Ушул токтом расмий жарыяланууга тийиш жана 2021-жылдын 11-мартынан тартып күчүнө кирет.

**Премьер-министр** **У.МАРИПОВ**

***Бишкек шаары, 2021-жылдын 23-марты, №104***

## 2020-ЖЫЛДЫН 6-НОЯБРЫНДА КОЛ КОЮЛГАН КӨЗ КАРАНДЫСЫЗ МАМЛЕКЕТТЕРДИН ШЕРИКТЕШТИГИНЕ МҮЧӨ МАМЛЕКЕТТЕРДИН КООМДУ САНАРИПТИК ӨНҮКТҮРҮҮ ЖААТЫНДАГЫ МААЛЫМАТТЫК ӨЗ АРА АРАКЕТТЕНҮҮСҮ ЖӨНҮНДӨ МАКУЛДАШУУНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН

### ТОКТОМУ

Мамлекеттик ички жол-жоболорду аткаруу максатында, «Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 18-беренесине, «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү **токтом кылат:**

**1.** 2020-жылдын 6-ноябрында кол коюлган Көз карандысыз Мамлекеттердин Шериктештигине мүчө мамлекеттердин коомду санариптик өнүктүрүү жаатындагы маалыматтык өз ара аракеттенүүсү жөнүндө макулдашуу бекитилсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Санариптик өнүктүрүү мамлекеттик кызматы жогоруда аталган Макулдашууну ишке ашыруучу жооптуу орган болуп аныкталсын.

**3.** Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги Көз карандысыз Мамлекеттердин Шериктештигинин Аткаруу комитетине жогоруда аталган Макулдашуунун күчүнө кириши үчүн зарыл болгон мамлекеттик ички жол-жоболор Кыргыз Республикасы тарабынан аткарылгандыгы жөнүндө кабарласын.

**4.** Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Премьер-министр** **У.МАРИПОВ**

***Бишкек шаары, 2021-жылдын 23-марты, №107***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2017-ЖЫЛДЫН 1-НОЯБРЫНДАГЫ №723 «РЕСПУБЛИКАЛЫК БЮДЖЕТТИН ДОЛБООРУН ТҮЗҮҮНҮН ЖАНА РЕСПУБЛИКАЛЫК БЮДЖЕТКЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮНҮН ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ» ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН

### ТОКТОМУ

Мамлекеттик-жеке өнөктөштүк долбоорлорун даярдоону каржылоо фондунун каражаттарынын эсебинен мамлекеттик-жеке өнөктөштүк долбоорлорун даярдоону каржылоо механизмин жөнөкөйлөтүү максатында, «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 1-ноябрындагы №723 «Республикалык бюджеттин долбоорун түзүүнүн жана республикалык бюджетке өзгөртүүлөрдү киргизүүнүн тартиби жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Республикалык бюджеттин долбоорун түзүүнүн жана республикалык бюджетке өзгөртүүлөрдү киргизүүнүн тартибинде:

- 19-пункту төмөнкүдөй мазмундагы он жетинчи абзац менен толукталсын:

«- Мамлекеттик-жеке өнөктөштүк долбоорлорун даярдоону каржылоо фонду;»;

- төмөнкүдөй мазмундагы $25^{1}$-пункт менен толукталсын:

«$25^{1}$. Мамлекеттик-жеке өнөктөштүк долбоорлорун даярдоону каржылоо фондунун каражаттарынын эсебинен мамлекеттик-жеке өнөктөштүк долбоорлорун даярдоого чыгымдарды каржылоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 17-мартындагы №147 "Мамлекеттик-жеке өнөктөштүк долбоорлорун даярдоону каржылоо жөнүндө" токтомунун 3-пунктуна ылайык Фонддун Байкоочу кеңешинин чечиминин негизинде жүргүзүлөт.».

**2.** Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Премьер-министр** **У.МАРИПОВ**

***Бишкек шаары, 2021-жылдын 23-марты, №110***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК КООПСУЗДУК МАМЛЕКЕТТИК КОМИТЕТИНИН ЧЕК АРА КЫЗМАТЫНЫН МАСЕЛЕЛЕРИ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН АЙРЫМ ЧЕЧИМДЕРИНЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН

### ТОКТОМУ

Чакыруу жана контракт боюнча аскердик кызмат өтөө тартибин мамлекеттик чек араны кайтаруу системасын жакшыртуу чараларына ылайык келтирүү, ошондой эле аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын функцияларын оптималдаштыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 25-декабрындагы №800 "Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүндө, башка аскердик түзүлүштөрүндө жана мыйзам менен аскердик кызмат каралган мамлекеттик органдарында жоокерлердин, сержанттардын жана старшиналардын мөөнөттүү аскердик кызматты өтөө тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

Жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүндө, башка аскердик түзүлүштөрүндө жана мыйзам менен аскердик кызмат каралган мамлекеттик органдарында жоокерлердин, сержанттардын жана старшиналардын мөөнөттүү аскердик кызматты өтөө тартиби жөнүндө жободо:

- 17-пунктунун "з" пунктчасы күчүн жоготту деп таанылсын.

**2.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 25-апрелиндеги №185 "Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүндө, башка аскердик түзүлүштөрүндө жана мыйзам менен аскердик кызмат каралган мамлекеттик органдарында офицердик курамдын жана прапорщиктердин контракт боюнча аскердик кызматты өтөөсүнүн (запаста болуунун) тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүндө, башка аскердик түзүлүштөрүндө жана мыйзам менен аскердик кызмат каралган мамлекеттик органдарында офицердик курамдын жана прапорщиктердин контракт боюнча аскердик кызматты өтөөсүнүн тартиби жөнүндө жободо:

- 6-пунктта:

2-пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"2) улуттук коопсуздук органдарынын кошуундары, бөлүктөрү жана мекемелери үчүн - ушул органдын жетекчисинин буйруктары менен, ал эми улуттук коопсуздук органынын Чек ара кызматынын (мындан ары - Чек ара кызматы) кошуундары, бөлүктөрү жана мекемелери үчүн - Чек ара кызматынын жетекчисинин буйруктары менен (улуттук коопсуздук органынын жетекчиси дайындоочу тизмеге кирүүчү кызмат орундарынан тышкары);";

4-пунктчасы күчүн жоготту деп таанылсын;

- 61-пунктта:

- 4-пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"4) улуттук коопсуздук органында - улуттук коопсуздук органынын жетекчисинин буйруктары менен; зарыл болгон учурда улуттук коопсуздук органынын жетекчиси өзүнүн орун басарларына, түзүмдүк жана аймактык бөлүмчөлөрүнүн, ошондой эле ведомстволук мекемелеринин жетекчилерине офицерлерди кызмат орундарына дайындоо жана аларды кызмат орундарынан бошотуу боюнча ыйгарым укук берүүгө укуктуу;

Чек ара кызматында - Чек ара кызматынын жетекчисинин буйруктары менен (улуттук коопсуздук органынын жетекчиси дайындоочу тизмеге кирген кызмат орундарынан тышкары); зарыл болгон учурда Чек ара кызматынын жетекчиси өзүнүн орун басарларына жана аймактык бөлүмчөлөрүнүн жетекчилерине офицерлерди кызмат орундарына дайындоо жана аларды кызмат орундарынан бошотуу боюнча ыйгарым укук берүүгө укуктуу;";

9-пунктчасы күчүн жоготту деп таанылсын;

- 72-пункту төмөнкүдөй мазмундагы жетинчи абзац менен толукталсын:

"Чек ара кызматынын офицерлери Чек ара кызматынын жетекчисинин буйруктары менен ээлеген кызматынан бошотулушу жана карамагына киргизилиши мүмкүн (улуттук коопсуздук органынын жетекчиси дайындоочу тизмеге кирген кызмат орундарынан тышкары); зарыл болгон учурда Чек ара кызматынын жетекчиси өзүнүн орун басарларына офицерлерди кызмат орундарынан бошотуу жана аларды карамагына киргизүү боюнча ыйгарым укук берүүгө укуктуу.";

- 90-пунктта:

4-пунктчасы күчүн жоготту деп таанылсын;

5-пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"5) өзгөчө кырдаалдар органында кенже жана улук офицердик курамдын мөөнөтүнөн эрте бошотууну кошкондо, кезектеги аскердик наамдары – өзгөчө кырдаалдар органынын жетекчисинин буйруктары менен;";

төмөнкүдөй мазмундагы $5^{1}$-пункт менен толукталсын:

"$5^{1}$) улуттук коопсуздук органында кенже жана улук офицердик курамдын мөөнөтүнөн эрте берилүүчүлөрдү кошкондо, кезектеги аскердик наамдары - улуттук коопсуздук органынын жетекчисинин буйруктары менен;

Чек ара кызматында кенже жана улук офицердик курамдын мөөнөтүнөн эрте берилүүчүлөрдү кошкондо, кезектеги аскердик наамдары – Чек ара кызматынын жетекчисинин буйруктары менен (улуттук коопсуздук органынын жетекчиси дайындоочу тизмеге кирген кызмат орундарынан тышкары); зарыл болгон учурда Чек ара кызматынын жетекчиси өзүнүн орун басарларына жана аймактык бөлүмчөлөрүнүн жетекчилерине офицерлерге аскердик наамдарды берүү боюнча ыйгарым укук берүүгө укуктуу;";

10-пунктчасы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"10) ушул Жобонун 82-пунктунун 3-пунктчасында көрсөтүлгөн жарандарга аскердик наамды аскердик кызматка аныктоодо коргоо, улуттук коопсуздук органынын жана Чек ара кызматынын жетекчиси ыйгарат.";

- 111 -пунктта:

3-пунктчасы күчүн жоготту деп таанылсын;

5-пунктчасы төмөнкүдөй мазмундагы экинчи абзац менен толукталсын:

"Чек ара кызматында – Чек ара кызматынын жетекчисинин буйруктары менен; зарыл болгон учурда Чек ара кызматынын жетекчиси өзүнүн орун басарларына жана аймактык бөлүмчөлөрүнүн жетекчилерине прапорщиктерди кызмат орундарына дайындоо жана аларды кызмат орундарынан бошотуу боюнча ыйгарым укук берүүгө укуктуу;";

- 186-пунктта:

5 жана 6-пунктчалары "улуттук коопсуздук органынын жетекчисинин чечими боюнча" деген сөздөрдөн кийин "(Чек ара кызматында – улуттук коопсуздук органынын жетекчиси дайындоочу тизмеге кирүүчү кызмат орундарынан тышкары Чек ара кызматынын жетекчисинин чечими боюнча);" деген сөздөр менен толукталсын;

$6^{1}$-пунктчасы "мамлекеттик органдын жетекчисинин чечими боюнча" деген сөздөрдөн кийин "(Чек ара кызматында – улуттук коопсуздук органынын жетекчиси дайындоочу тизмеге кирүүчү кызмат орундарынан тышкары Чек ара кызматынын жетекчисинин чечими боюнча)" деген сөздөр менен толукталсын;

экинчи абзацы "мамлекеттик органдын жетекчисинин чечими боюнча" деген сөздөрдөн кийин "(Чек ара кызматында улуттук коопсуздук органынын жетекчиси дайындоочу тизмеге кирген кызмат орундарынан тышкары Чек ара кызматынын жетекчисинин чечими боюнча)" деген сөздөр менен толукталсын;

- 190-пункту "тийиштүү мамлекеттик органдын жетекчилеринин" деген сөздөрдөн кийин ", Чек ара кызматында – Чек ара кызматынын жетекчисинин (улуттук коопсуздук органынын жетекчиси дайындоочу тизмеге кирген кызмат орундарынан тышкары)" деген сөздөр менен толукталсын.

**3.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 25-апрелиндеги №186 "Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүндө, башка аскердик түзүлүштөрүндө жана мыйзам менен аскердик кызмат каралган мамлекеттик органдарында жоокердик, сержанттык жана старшиналык курамдарында контракт боюнча аскердик кызматты өтөөнүн тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүндө, башка аскердик түзүлүштөрүндө жана мыйзам менен аскердик кызмат каралган мамлекеттик органдарында жоокерлердин, сержанттардын жана старшиналардын курамдары тарабынан контракт боюнча аскердик кызматты өтөөнүн тартиби жөнүндө жободо:

- 57, 68 жана 118-пункттарынын "и" пунктчалары күчүн жоготту деп таанылсын;

**4.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 22-августундагы №473 "Кыргыз Республикасынын министрликтеринин, административдик ведомстволорунун жана башка мамлекеттик органдарынын штаттык санынын чеги жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтомдун 5-тиркемесинде:

- эскертүүнүн 12-абзацындагы "Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек ара кызматына" деген сөздөр "Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Чек ара кызматына" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- жогоруда аталган токтомдун 6-тиркемесинин 23-пункту күчүн жоготту деп таанылсын.

**5.** Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитети өзүнүн чечимдерин ушул токтомго ылайык келтирсин.

**6.** Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын коргоо, укуктук тартип жана өзгөчө кырдаалдар бөлүмүнө жүктөлсүн.

**7.** Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Премьер-министр** **У.МАРИПОВ**

***Бишкек шаары, 2021-жылдын 23-марты, №105***

■ Аманатты коргоонун абалы кандай?

## Кыргыз Республикасынын Депозиттерди коргоо боюнча агенттигинин аткаруучу директору Эркебай МУРЗАБЕКОВ:

# “ӨЛКӨДӨ ДЕПОЗИТТЕРДИН КЕПИЛДИГИН КАМСЫЗДОО – БУЛ КАЛКТЫН БАНК СИСТЕМАСЫНА БОЛГОН ИШЕНИМИН АРТТЫРУУ БОЛУП САНАЛАТ”

***22-марттан баштап өлкөбүздө «Өзүңө сак бол, акчага бек бол!» деген ураан менен Бүткүл дүйнөлүк акча жумалыгы өткөрүлдү. Бул маараке жыл сайын март-апрель айларында өтүп турат. Жумалыкты өткөрүүнүн максаты туурасында айтып берүүсүн өтүнүп, биз КРнын Депозиттерди коргоо боюнча агенттигинин жетекчисине бир нече суроолор менен кайрылдык.***



**- Эркебай Рустамович, 22-марттан 28-мартка чейин Кыргызстанда Дүйнөлүк акча жумалыгы өткөрүлүптүр, анын максаты жана мааниси жөнүндө айтып берсеңиз?**

- Туура, Улуттук банктын демилгеси менен өтүп жаткан жумалыкка биздин агенттик 2016-жылдан бери башка финансылык мекемелер менен кошо активдүү катышып келе жатат.

Айтып кетүүчү нерсе - бул Дүйнөлүк акча жумалыгы (Global Money Week) балдардын жана жаштардын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу максатында дүйнөнүн 175тен ашык өлкөсүндө жыл сайын өткөрүлүүчү ири компания.

Биздин агенттик жана башка финансылык жана эл аралык мекеме-уюмдар менен биргеликте бул жумалыкта финансылык сабаттуулук боюнча жалпы билим берүү иш-чараларын; мектеп, жогорку окуу жайларында финансылык сабаттуулук сабактарын, лекцияларын, университеттерде көчмө лекциялар менен тренингдерди, ММКларда, Теле жана радиодо финансылык маектер, агенттикте экскурсиялар менен ачык эшик күндөрүн, ар кандай видеороликтер жана балдардын тарткан сүрөттөрү боюнча сынактарды, ж.б. иш-чараларды өткөрүп келе жатат.

2020-жылдагы пандемияга чейинки мезгилде биздин агенттиктин адистери республиканын бардык аймактарына барып, лекцияларды окуп, жарандарга, ишкерлерге, банк кызматкерлерине, аманатчыларга, окуучуларга жана студенттерге депозиттерди коргоо системасы жөнүндө жана финансылык каржылоо жактан сабаттуу болуу азыркы учурдун өтө маанилүү маселеси экенин айтып беришчү.

Ачык эшиктер, лекциялар, семинарлар жана башка иш-чаралардын баарында агенттик жаш муундарга жана өлкөбүздүн жалпы жарандарына финансылык билимдин өркүндөтүүсүнө өз салымын кошуп келе жатат. Депозиттерди коргоо фонду деген эмне, депозиттер боюнча кепилдикти жана коргоону ким ишке ашырат, кайсы аманаттар коргоого алынган банктын кепилденген аманатчысы ким болуп саналат деген ж.б суроолорго толук маалымат берип келе жатат.

**- Эркебай Рустамович маалыматыңызга чоң рахмат, кийинки суроо сиз жетектеген агенттиктин учурдагы аткарып жаткан иштери тууралуу тереңирээк маалымат берип кетсеңиз?**

- Кыргыз Республикасынын Депозиттерди коргоо боюнча агенттиги 2008-жылы түзүлгөн. Агенттиктин негизги милдети бул Кыргыз Республикасында депозиттерди коргоо системасынын ишин камсыздоо болуп эсептелет.

Депозиттерди коргоо системасы кепилденген учур келгенде Кыргыз Республикасынын Банктык аманаттарды (депозиттерди) коргоо жөнүндө мыйзамында каралган суммада жана ыкмаларда компенсацияларды берүү жолу менен банктардын, микрофинансылык компаниялардын жана турак жай-сактык кредиттик компаниялардын аманатчыларын коргоого, ошондой эле бүтүндөй каржы тутумунун туруктуулугуна көмөктөшүүгө багытталган.

Депозиттерди коргоо боюнча агенттик – бул мамлекеттик мекеме жана анын негизги иш аракеттери төмөнкү маселелерди камтыйт: Кыргыз Республикасынын "Банктык аманаттарды (депозиттерди) коргоо жөнүндө" Мыйзамына ылайык кепилденген учур келгенде аманатчылардын укуктарын коргоону камсыздоо, депозиттерди коргоо фондун түзүү жана фонддун бош каражаттарын натыйжалуу башкаруу.

**Белгилеп кетчү нерсе, агенттик мындан тышкары төмөнкү функцияларды аткарат:**

* банк-катышуучулардын, катышуучу микрофинансылык компаниялардын, катышуучу турак жай-сактык кредиттик компаниялардын реестрин жүргүзүү;
* аманаттар боюнча төлөөгө тийиштүү сумманы жана компенсация суммасын эсепке алуу;
* кепилденген учур келгенде аманатчыларга компенсациялык сумманы ыңгайлуу жолдор менен төлөө;
* аманаттарды коргоо системасынын банк-катышуучуларындагы, катышуучу микрофинансылык компанияларындагы, катышуучу турак жай-сактык кредиттик компанияларындагы аманатчылардын маалымат базасынын белгиленген талаптарга жооп бергендигин аныктоо;
* депозиттерди коргоо системасы жөнүндө коомдун маалымдуулугун арттыруу боюнча иш-чараларды жүргүзүү ж.б.

**- Депозиттерди коргоо фонду жөнүндө сөз кылдыңыз, фондду каржылоонун булактары жана азыркы абалы жөнүндө айтып берсеңиз?**

- Депозиттерди коргоо фондусу - депозиттерди коргоо системасынын (ДКС) финансылык негизи болуп саналат жана ДКСда катталган банк-катышуучуларынын, микрофинансылык компаниялар-катышуучуларынын жана турак жай-сактык кредиттик компаниялар-катышуучуларынын төгүмдөрү, агенттиктин алган пайдасы аркылуу түзүлүп, кепилденген учур келгенде аманатчыларга компенсация төлөп берүүгө арналган.

**Фонд каржылоо булактары өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:**

- Мыйзамда белгиленгендей ДКСнын катышуучулардын төлөөчү мүчөлүк акыларын;
- Өкмөт тарабынан салынган мүчөлүк акыларды;
- Агенттик тарабынан бош каражаттарды жайгаштыруудан алынчу пайыздык жана инвестициялык кирешелерди;
- ДКСнын катышуучулар төлөгөн айыптарды жана туумдарды;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык алынган башка каражаттарды ж.б.

2020-жылдын 31-декабрындагы абал боюнча Депозиттерди коргоо фонду (ДКФ) 3 042,6 млн сомду түздү.

ДКФда Өкмөттүн төгүмдөрүнүн топтолгон үлүшү 257,7 млн сом же ДКФ активдеринин 8,5% түздү. ДКФга квартал сайын төлөнгөн Депозиттерди коргоо системасынын катышуучуларынын төгүмдөрүнүн үлүшү 1773,4 млн сомду же ДКФ жалпы көлөмүнөн 58,3% түзөт жана Агенттиктин ДКФны башкарууда капиталдаштырылган накта кирешесинин үлүшү 1011,5 млн сом же 33,2% түздү.

**Жылдар боюнча ДКФ түзүмү**

млн сом

| Көрсөткүчтөр | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Мезгил сонуна ДКФ | 1 137,6 | 1469,1 | 1814,4 | 2188,9 | 2588,9 | 3042,6 |
| КР Өкмөтүнүн төгүмдөрү | 257,7 | 257,7 | 257,7 | 257,7 | 257,7 | 257,7 |
| ДКФ катышуучулардын төгүмдөрү | 593,6 | 773,8 | 966,4 | 1199,6 | 1463,4 | 1773,4 |
| Агенттиктин капиталдаштырылган таза кирешеси | 286,3 | 437,5 | 590,3 | 731,6 | 867,8 | 1011,5 |

Агенттик инвестициялоо процессинин үзгүлтүксүздүгүнүн максаттары үчүн Фонддун каражаттарын Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн мамлекеттик баалуу кагаздарына жана Кыргыз банкынын кыска мөөнөттүү нотасына убактылуу жайгаштырууну өткөрүп турат.

**- Банктар же депозиттер системасына кирген микрофинансылык компаниялар же турак жай-сактык кредиттик компаниялар банкротко учураган мезгилде төлөп берүү жол-жобосу кандайча жүргүзүлөт жана банк агенти кандайча тандалат?**

- Жогоруда айтылган Мыйзамга ылайык кепилденген учур келгенде депозиттер боюнча үстөк пайыздарды кошкондо, ар бир аманатчыга баарысы 200 миң сомдон көп эмес компенсация төлөнүп берилет. Компенсацияларды төлөп берүү кепилденген учур келгенден кийин 30 календардык күндөн кечиктирилбестен башталууга тийиш.

Кепилдик учурунун башталышынын негиздемеси болуп, банк лицензиясын чакырып алуусу жана банктын, микрофинансылык компаниянын жана турак жай-сактык кредиттик компаниянын, төлөмгө кудуретсиз (банкрот) деген соттун чечими саналат.

Кепилдик учуру башталган күндөн баштап, Агенттик аманатчыларга компенсацияларды төлөөнү жүргүзүү үчүн Банк-агенттин дареги, күнү, убактысы, компенсациялык төлөмдөрдү жүргүзүү формасы жана тартиби жөнүндө мамлекеттик жана расмий тилдеринде куулактандыруу мамлекеттик газеталарда, ошондой эле башка массалык-маалымат каражаттарына басып чыгарат, ошондой эле филиалдарды жана сактык кассаларын камтуу менен, банк-агенттигин жана банк-банкроттун имараттарынын кире беришине кулактандыруу жайгаштырат.

Аманатчы чет өлкө валютасында жайгаштырылган аманаттардын суммалары, кепилдик учуру башталган күнү Улуттук Банктын эсептик курсу боюнча улуттук валютасында төлөнөт.

Агенттик аманатчыларга компенсацияларды төлөөнү жүргүзүү үчүн Банк-агенттик тандоо тартиби жөнүндө Жобого ылайык агенттиктин атынан компенсацияларды төлөөнү жүргүзө турган кепилдик учур болгондо аманатчыларга компенсацияларды төлөө үчүн банк-агенттикти тандоону өткөрөт.

Компенсацияны төлөө максатында Агенттик банк-агенттерди төмөнкү жол менен тандайт.

Банктардын, микрофинансылык компаниялардын жана турак-жай сактык кредиттик компаниялардын аманатчыларына компенсациялык төлөөлөрдү жүзөгө ашыруу үчүн Агенттик төмөнкү талаптарга жооп берген бир же бир нече банк-агенттерди тандап алат:

1) банк депозиттерди коргоо системасынын банк-катышуучусу болушу керек;
2) капиталдын адекваттуулугуна жана Улуттук банктын талаптарына жооп берген өздүк капиталынын деңгээлине ээ болушу керек;
3) кепилдик учур келип чыккан датага чейинки акыркы алты айдын ичинде ага карата "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында каралган таасир кылуу чаралары колдонулбаган болушу керек;
4) компенсациялык төлөөлөрдү жүзөгө ашыруу үчүн депозиттердин географиялык түзүмүнө тете филиалдык түйүнү болуусу тийиш.

Агенттик тарабынан банк-агентке которулган каражаттарга үстөк пайыздарды чегерүү жана аларды төлөөлөр жүзөгө ашырылбайт.

**- Өлкөбүздүн Банктарынын депозиттик базасынын динамикасы жөнүндө маалымат берсеңиз?**

- 2020-жылдын 31-декабрына карата, өлкөбүздө 317 филиалы бар 23 банк жана 1 микрофинансылык компания Депозиттерди коргоо системасынын (ДКС) реестринде катталган.

Белгилей кетүүчү жагдай, 2021-жылдын башында турак жай-сактык кредиттик компания-депозиттерди коргоо системасынын катышуучусу болуп биринчилерден болуп "Ак Босого" деген компания катталды.

2020-жылы коммерциялык банктардын аманат рыногундагы кырдаал жалпы депозиттик база 2019-жылга салыштырмалуу көбөйүшү менен мүнөздөлгөн, бул негизинен улуттук валютадагы аманаттардын көлөмүнүн өсүшү менен шартталган.

Коммерциялык банктардын депозиттердин базасынын көлөмү Улуттук банктын маалыматы боюнча 2020-жылдын аягына карата 180 928,3 млн сомду түзүп, 2020-жылдын башынан тартып 20,6% көбөйгөн.

**ДКС банк-катышуучулардын депозит базасынын өсүш динамикасы**

млн сом.

| Көрсөткүчтөр | 31.12.2015 | 31.12.2016 | 31.12.2017 | 31.12.2018 | 31.12.2019 | 31.12.2020 |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Депозиттер баары | 102 877,7 | 107 079,4 | 121 597,0 | 133 118,0 | 150 953,5 | 180 928,3 |
| Өсүш, % менен | 24,65% | 4,1% | 13,6% | 9,5% | 13,4% | 20,6% |
| Жеке жактардын депозиттери | 47 128,9 | 54 879,6 | 63 901,5 | 75 295,8 | 88 709,6 | 102 468,4 |
| Өсүш, % | 28% | 16,5% | 21,3% | 15,1% | 17,8% | 15,4% |

Банк-катышуучулардын аманаттарынын көпчүлүк бөлүгү Бишкек шаарына жайгашып, банк-катышуучулардын аманаттарынын жалпы көлөмүнүн 79,4% түзөт. Аманаттардын калган бөлүгү Кыргыз Республикасынын облустарында топтолгон: 4,2% - Ош шаарында; 4,3% - Жалал-Абад облусунда; 2,7% - Ысык-Көл облусунда; 1,7% - Баткен облусунда; 1% - Нарын облусунда; 4,3% - Чүй облусунда жана Талас облусунда 1%.

Банк-катышуучулардын жалпы аманатчылардын саны 2020-жылдын 31-декабрына карата 3 036 666 түздү. Алардын ичинде жеке жак жана жеке ишмерлердин депозиттерди коргоо системасы менен камсыздалган аманатчылардын банктагы эсептери 2 985 224 аманатчы эсептерди түздү (2019-жылы-2 846 001 аманатчы).

Бүгүнкү күндө аманатчылардын көпчүлүгү Бишкек шаарында жайгашкан.




**Банк-катышуучулардын аманатчылардын жалпы саны Кыргыз Республикасынын аймактары боюнча 2020-жылдын 31-декабрына карата, пайыз менен**




**- Эркебай Рустамович, Депозиттерди коргоо боюнча агенттиги кайсы мамлекеттик мекеме тарабынан көзөмөлдөнөт?**

- Агенттик "Банктык аманаттарды (депозиттерди) коргоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында белгиленген ыйгарым укуктар жана милдеттерге ээ жана пайда алуу максатын көздөбөгөн мамлекеттик мекеме болуп саналат. Мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары агенттиктин ишине кийлигишүүгө укугу жок.

Агенттиктин Директорлор кеңеши жана Аткаруучу директору Агенттиктин башкаруу органдары болуп саналат.

Агенттиктин Директорлор кеңеши 7 мүчөдөн турган Агенттиктин жогорку башкаруу органы болуп саналат жана алар төмөнкү өкүлдөрдөн турат:

1) Кыргыз Республикасынын Премьер-министри тарабынан дайындалуучу Өкмөттүн 3 өкүлүнөн;
2) Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармалыгы тарабынан дайындалуучу Улуттук банктын (Улуттук банк Башкармасынын мүчөсүнүн деңгээлинен төмөн эмес) 3 өкүлүнөн;



3) Өкмөттүн жана Улуттук банктын биргелешкен чечими менен дайындалуучу банк иши жаатындагы көз карандысыз эксперттен турат.

Директорлор кеңешинин мүчөлөрү өз ишмердиктерин акысыз негизде жүзөгө ашырышат. Директорлор кеңешинин мүчөлөрү 5 жылдык мөөнөткө дайындалышат. Директорлор кеңешинин мүчөлөрү кызмат ордуна удаасы менен 2 мөөнөттөн ашык дайындалышпайт.

Агенттиктин Директорлор кеңешинин өзгөчө компетенциясына төмөнкүлөр кирет:

* Агенттиктин аткаруучу директорунун сунушу боюнча депозиттерди коргоо фондуна багытталган календардык жана чукул мүчөлүк акылардын өлчөмүн бекитүү;
* Агенттиктин уюштуруу түзүмүн бекитүү;
* Агенттиктин ички аудит кызматынын ишине жетекчиликти жүзөгө ашыруу;
* Агенттиктин аткаруучу директорунун сунушу боюнча кепилденген учур келгенде аманатчыларга компенсацияларды төлөө жөнүндө чечимди кабыл алуу;
* Агенттиктин аткаруучу директорунун сунушу боюнча инвестициялык саясатты аныктоо, Агенттиктин контрагенттери боюнча чектөөлөрдү белгилөө;
* Агенттиктин бюджетин жана анын аткарылышы жөнүндө отчетту бекитүү;
* Агенттиктин жылдык отчетун бекитүү жана Агенттиктин аткаруучу директорунун отчетун жыл сайын угуу;
* Агенттиктин кызыкчылыктардын кагылышуусу боюнча комплекстүү саясатын бекитүү;
* Тышкы аудитти жүргүзүү үчүн тендердик негизде көз карандысыз аудитордук уюмду жыл сайын аныктоо жана Агенттикте жүргүзүлгөн аудиттин натыйжаларын алуу;
* Агенттиктин депозиттерди коргоо тутуму жөнүндө коомчулуктун кабардар болуусун жогорулатуу боюнча программасын бекитүү ж.б.

**- Депозиттерди коргоо системасынын ишин камсыздоо багытында кандай иш-аракеттер аткарылып келди?**

- Агенттик жогоруда белгилеп кеткендей 2008-жылы түзүлгөн. Ал жылдан бери кепилдик учуру башталганда компенсацияларды төлөп берүү мөөнөттөрүн 60 күндөн 30 күнгө чейин кыскартылды, мыйзамдарга киргизилген өзгөртүүлөрдүн жана толуктоолордун натыйжасында кепилдик суммасын 20 миң сомдон 200 миң сомго чейин көтөрүлдү, инвестициялык саясатты жана корпоративдик башкаруунун принциптери өзгөрүлдү. Акыркы өзгөрүүлөр бул Депозиттерди коргоо системасына Улуттук банктын депозиттерди кабыл алууга лицензиясы бар микрофинансылык компаниялар жана турак жай-сактык кредиттик компаниялар кире алышат.

Агенттиктин стратегиялык планы Депозиттерди коргоо системасынын натыйжалуулугун жогорулатууга багытталган Агенттиктин ишмердигинин пландалган мезгилине комплекстүү чечимдерди иштеп чыгууну жана ишке ашырууну чагылдырат. Бул төмөнкүдөй максаттар:

аманаттарды камсыздандыруу функцияларын өнүктүрүү жана ДКСны кеңейтүү;

* Агенттиктин ишмердигине корпоративдик принциптерди киргизүү жана күчөтүү;
* Агенттиктин жаңы ишмилдеттерин киргизүү;
* Дифференцирдүү/адилет кепилдик төлөө системасын концепсиясын иштеп чыгуу;
* Кепилдик сумманы төлөөгө операциондук даярдык көрүү;
* Агенттиктин иш-милдетинин инфраструктурасын чыңдоо;
- маалымат берүү жана тышкы коммуникация процессин жакшыртуу;
- адамдык ресурстарды өнүктүрүү;
- финансылык ресурстарды башкарууну өркүндөтүү ж.б..

ДКСнын мындан аркы банктын тобокелдик ишмердигин баалоонун негизинде төлөмдөрдүн адилет системасын киргизүү, корпоративдик башкарууну жакшыртуу, иштер тартибин автоматизациялоо жана юридикалык жактардын аманаттарын камсыздоо ж.б. багытталган.

**- Акыркы суроо катары, аманатчыларга жана жалпы жарандарга эмне деп кайрылаар элеңиздер?**

- Депозиттерди коргоо агенттиги бул мамлекет тарабынан түзүлгөн Агенттик жана кепилденген учур келгенде ар бир жеке жак жана жеке ишкерге 200 миң сомдон ашпаган компенсация төлөнүп берилет. Демек, урматтуу кыргыз элим, депозиттерге ишенич жана кепилдик мамлекет тарабынан берилет жана акчаңарды банктарга сактасаңар болот.

Экинчиси, биздин Агенттик жыл сайын Дүйнөлүк акча жумалыгына, ошондой эле Дүйнөлүк жыйын топтоо күнүнө, финансылык жарманкеге жана башка финансылык сабаттуулукту күчөтүү максатындагы иш-аракеттерге катышып келе жатат. Бул чаралардын негизги багыты - калктын депозиттерди коргоо системасына жана банк системасына болгон ишенимин күчөтүү, чыңоо жана бекемдөө болуп саналат. Биздин Агенттиктин негизги демилгеси жана милдети – бүтүндөй каржы тутумунун туруктуулугуна көмөктөшүүгө багытталган.

Сөзүмдүн аягында, Депозиттерди коргоо агенттиги –аманатчылардын депозиттеринин сакталышына мамлекеттин кепилдик берген Агенттик деп ишендирип кетем жана Кыргыз Республикасында депозиттердин кепилдигин камсыздоо – калктын банк системасына болгон ишениминин өркүндөтүү болуп эсептелет деп айткым келет.

Биздин Депозиттерди коргоо боюнча агенттик сиздердин аманаттарыңыздын кепилдигин мындан дагы өркүндөтүү жана жакшыртуу максатында ишчараларды жүргүзүүгө ар дайым даяр.

**Орункул САТЫКУЛОВ**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
Эркин-Тоо

## СҮЛҮКТҮ ЖАНА МАНАС АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯЛАРЫНЫН КУРАМДАРЫНА ЖАНА РЕЗЕРВДЕРИНЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

### ТОКТОМУ

Сүлүктү жана Манас аймактык шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнүн шайлоо комиссияларынын курамдарынан жана резервдеринен чыгаруу жөнүндө арыздарынын негизинде, "Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7, 18, 19, 22-беренелерине, "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 21-1-беренесинин 1-бөлүгүнүн 4-пунктуна, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2011-жылдын 18-октябрындагы №375 токтому менен бекитилген "Шайлоо комиссияларынын резервин түзүү жана жүргүзүү тартиби жөнүндө" Жобосуна ылайык,

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

**1.** Баткен облусунун Сүлүктү аймактык шайлоо комиссиясынын курамына жана резервине төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

- «Ата-Мекен» саясий партиясынан көрсөтүлгөн Кенжебаева Гулнора Умаркуловна комиссиянын курамынан чыгарылсын;

- жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан көрсөтүлгөн Хаитова Бегайым Каримовна резервден комиссиянын курамына киргизилсин.

**2.** Талас облусунун Манас аймактык шайлоо комиссиясынын курамына жана резервине төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

- «Кыргызстан» саясий партиясынан көрсөтүлгөн Чолпонкулов Фархад Абдылдаевич комиссиянын курамынан чыгарылсын;

- жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан көрсөтүлгөн Джекшемалиев Марат Дуйшонович резервден комиссиянын курамына киргизилсин.

**3.** Бул токтом "Эркин-Тоо" газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**4.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары А.Г.Бекматовго жүктөлсүн.

**ТӨРАГА** **Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

*Бишкек ш., 2021-жылдын 26-марты, №88*

## «2021-ЖЫЛДЫН 11-АПРЕЛИНЕ ДАЙЫНДАЛГАН «КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯСЫ ЖӨНҮНДӨ» КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫНЫН ДОЛБООРУ БОЮНЧА РЕФЕРЕНДУМДУН (БҮТКҮЛ ЭЛДИК ДОБУШ БЕРҮҮНҮН) УЧАСТКАЛАРЫ ЖӨНҮНДӨ» КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН 2021-ЖЫЛДЫН 14-МАРТЫНДАГЫ №65 ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

### ТОКТОМУ

«Кыргыз Республикасында шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-пунктуна, «Кыргыз Республикасынын референдуму жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 21-беренесине жана «Кыргыз Республикасынын Конституциясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору боюнча референдум (бүткүл элдик добуш берүү) дайындоо тууралуу» Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 12-мартындагы №31 Мыйзамына, «Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7, 18, 20-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

**1.** «2021-жылдын 11-апрелине дайындалган «Кыргыз Республикасынын Конституциясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору боюнча референдумдун (бүткүл элдик добуш берүүнүн) участкалары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2021-жылдын 14-мартындагы №65 токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

- токтом төмөнкүдөй мазмундагы 1.1. пункт менен толукталсын:

«1.1. Бишкек аймактык шайлоо комиссиясы 2021-жылдын 11-апрелинде «Кыргыз Республикасынын Конституциясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору боюнча референдумда (бүткүл элдик добуш берүүдө) 2021-жылдын 10-январында өткөрүлгөн Кыргыз Республикасынын Президентин мөөнөтүнөн мурда шайлоодо түзүлгөн Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары участкалык шайлоо комиссияларын бекитсин.».

**2.** Ушул токтом «Эркин-Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**3.** Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары А.Г.Бекматовго жүктөлсүн.

**ТӨРАГА** **Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

*Бишкек ш., 2021-жылдын 26-марты, №89*

## 2021-ЖЫЛДЫН 11-АПРЕЛИНЕ ДАЙЫНДАЛГАН РЕФЕРЕНДУМГА ЧЫГАРЫЛГАН «КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯСЫ ЖӨНҮНДӨ» КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫНЫН ДОЛБООРУНУН ТЕКСТИ МЕНЕН ГАЗЕТАНЫН АТАЙЫН ЧЫГАРЫЛЫШЫН БАСЫП ЧЫГАРУУ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

### ТОКТОМУ

2021-жылдын 11-апрелине дайындалган референдумду (бүткүл элдик добуш берүүнү) даярдоо жана өткөрүү мезгилинде жарандарды маалыматтык жактан камсыздоо максатында, «Кыргыз Республикасынын Конституциясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору боюнча референдумду (бүткүл элдик добуш берүүнү) дайындоо тууралуу» Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 12-мартындагы №31 Мыйзамына ылайык, «Кыргыз Республикасынын референдуму жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 5-6-беренелерин, «Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7, 18, 20-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

**1.** 2021-жылдын 11-апрелине дайындалган референдумга чыгарылган «Кыргыз Республикасынын Конституциясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорунун тексти газетанын атайын чыгарылышында тиражы 1 100 000 (бир миллион жүз миң) нуска менен мамлекеттик жана расмий тилдерде басып чыгарылсын.

**2.** Бул токтом «Эркин-Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары А.Г.Бекматовго жүктөлсүн.

**ТӨРАГА** **Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

*Бишкек ш., 2021-жылдын 26-марты, №90*

## 2021-ЖЫЛДЫН 11-АПРЕЛИНЕ ДАЙЫНДАЛГАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРИНИН ДЕПУТАТТАРЫН ШАЙЛООДО ЖАНА "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯСЫ ЖӨНҮНДӨ" КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫНЫН ДОЛБООРУ БОЮНЧА РЕФЕРЕНДУМДА (ЖАЛПЫ ЭЛДИК ДОБУШ БЕРҮҮДӨ) ЭЛ АРАЛЫК БАЙКООЧУНУН КҮБӨЛҮГҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

### ТОКТОМУ

«Кыргыз Республикасынын Конституциясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 12-мартындагы №31 Мыйзамынын долбоору боюнча референдумду (бүткүл элдик добуш берүүнү) дайындоо тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы жана «Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоону дайындоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 8-февралындагы №21 ПЖ Жарлыгына ылайык, «Кыргыз Республикасынын референдуму жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 19-беренесин, «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-беренесин, «Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7,18-беренелерин, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2016-жылдын 9-ноябрындагы №197 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдумундагы эл аралык (чет элдик) байкоочулардын иш тартиби, статусу жана ыйгарым укуктары жөнүндө» Жобонун 3.9-пунктун жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

**1.** 2021-жылдын 11-апрелине дайындалган Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоодо жана «Кыргыз Республикасынын Конституциясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору боюнча референдумда (жалпы элдик добуш берүүдө) эл аралык байкоочунун күбөлүгүнүн үлгүсү эл аралык байкоочунун мандатына ылайык 1,2,3-тиркемелерге ылайык бекитилсин.

**2.** Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоодо жана «Кыргыз Республикасынын Конституциясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору боюнча референдумда (жалпы элдик добуш берүүдө) эл аралык байкоочунун күбөлүгүнүн сүрөттөлүшү 4-тиркемеге ылайык бекитилсин.

**3.** Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын аппаратынын эл аралык кызматташтык бөлүмү жана пландоо, эсепке алуу жана отчеттуулук бөлүмү аккредитация жөнүндө берилген арыздарга ылайык эл аралык байкоочунун күбөлүктөрүн даярдоону уюштурсун.

**4.** Бул токтом «Эркин-Тоо» газетасына жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жайгаштырылсын.

**5.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары А.Ж.Эшимовго жүктөлсүн.

**ТӨРАГА** **Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

*Бишкек ш., 2021-жылдын 26-марты, №91*

*Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2021-жылдын 26-мартындагы №91 токтомунун 4-тиркемеси*

**2021-жылдын 11-апрелине дайындалган Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоодо жана "Кыргыз Республикасынын Конституциясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору боюнча референдумда (жалпы элдик добуш берүүдө) эл аралык байкоочунун күбөлүгүнүн сүрөттөлүшү**

Эл аралык байкоочунун күбөлүгү - анын статусун күбөлөндүрүүчү документ.

Күбөлүк түстүү (ак) типтүү бланкта (эки тараптуу) 95х135 мм өлчөмүндө кыргыз, орус жана англис тилдеринде таризделет, анын реквизиттери үлгүдө келтирилди.

Сол тараптагы үстүңкү бурчта Кыргыз Республикасынын Герби орун алган. Оң тараптагы үстүңкү бурчта КР БШКнын логотиби жайгашкан.

Ортосунда "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы" деген текст жайгаштырылган, төмөн жагында жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоонун жана референдумдун логотиби жайгашкан.

Төмөн жагында күбөлүктүн номуру, күбөлүктүн колдонуу шарттары көрсөтүлөт, ошондой эле төмөнкү текст бар: "Эл аралык байкоочу", эл аралык байкоочунун фамилиясы, аты, атасынын аты, өкүлү болуп саналган уюмдун аталышы.

Андан кийин КР БШКнын төрагасынын колу коюлат, ал КР БШКнын герб сүрөтү бар мөөрү менен күбөлөндүрүлөт, бланктын төмөн жагында күбөлүктүн жарактуулук мөөнөтү көрсөтүлөт.

## 2021-ЖЫЛДЫН 11-АПРЕЛИНЕ ДАЙЫНДАЛГАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРИНИН ДЕПУТАТТАРЫН ШАЙЛООДО ЖАНА "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯСЫ ЖӨНҮНДӨ" КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫНЫН ДОЛБООРУ БОЮНЧА РЕФЕРЕНДУМДА (ЖАЛПЫ ЭЛДИК ДОБУШ БЕРҮҮДӨ) ЭЛ АРАЛЫК БАЙКООЧУЛАРДЫ АККРЕДИТАЦИЯЛОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

## ТОКТОМУ

«Кыргыз Республикасынын Конституциясы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 12-мартындагы №31 Мыйзамынын долбоору боюнча референдумду (бүткүл элдик добуш берүүнү) дайындоо тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы жана «Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоону дайындоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 8-февралындагы №21 ПЖ Жарлыгына ылайык, «Кыргыз Республикасынын референдуму жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 19-беренесин, «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-беренесин, «Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7,18-беренелерин, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2016-жылдын 9-ноябрындагы №197 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдумундагы эл аралык (чет элдик) байкоочулардын иш тартиби, статусу жана ыйгарым укуктары жөнүндө» Жобону жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

**1.** Ханс Зайдель Фондунун Кыргыз Республикасындагы Өкүлчүлүгүнүн директорун, Молдова Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясынын, Азербайжан Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясынын, Россия Федерациясынын Борбордук шайлоо комиссиясынын, Украинанын Борбордук шайлоо комиссиясынын, Беларусь Республикасынын Шайлоо жана республикалык референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын, Түркия Республикасынын Жогорку шайлоо кеңешинин, Казакстан Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясынын өкүлдөрү эл аралык байкоочулар катары жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоодо жана Кыргыз Республикасынын референдумунда 1-тиркемеге ылайык аккредитациялансын.

**2.** КМШга катышкан мамлекеттердин парламенттер аралык ассамблеясынын тобу Кыргыз Республикасынын референдумунда эл аралык байкоочулар катары 2-тиркемеге ылайык аккредитациялансын.

**3.** Аккредитацияланган эл аралык байкоочуларга белгиленген үлгүдөгү күбөлүктөр берилсин.

**4.** Бул токтом «Эркин-Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**5.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төрагасынын орун басары А.Ж.Эшимовго жүктөлсүн.

**ТӨРАГА** **Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

***Бишкек ш., 2021-жылдын 26-марты, №92***

*Кыргыз Республикасынын Шайлоо*
*жана референдум өткөрүү*
*боюнча борбордук комиссиясынын*
*2021-жылдын 26-мартындагы*
*№92 токтомунун*
*1-тиркемеси*

### Аккредитацияланган эл аралык байкоочулардын тизмеси

| № к/м | күб. № | Байкоочу көрсөтүлгөн эл аралык уюм | Ф. А. А. | Өлкө | Кызмат орду |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. | 001. | **Ханнс Зайдель Фондунун Кыргыз Республикасындагы өкүлчүлүгү** | Майер Макс Георг | Германия Федеративдик Республикасы | КРдагы Ханнс Зайдель Фондунун директору |
| 2. | 002. | **Молдова Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясы** | Чимил Дорин | Молдова Республикасы | Доктор, Молдова Республикасынын БШКнын төрагасы |
| 3. | 003. | Молдова Республикасынын БШКсы | Буэчику Татьяна | Молдова Республикасы | Молдова Республикасынын БШКнын Анализдөө жана документтештирүү бөлүмүнүн башкы адиси |
| 4. | 004. | **Азербайжан Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясы** | Шахбазов Илькин | Азербайжан Республикасы | Азербайжан Республикасынын БШК мүчөсү |
| 5. | 005. | Азербайжан Республикасынын БШКсы | Оруджев Фарид | Азербайжан Республикасы | Азербайжан Республикасынын БШК катчылыгынын маалымат борборунун башчысы |
| 6. | 006. | **Россия Федерациясынын Борбордук шайлоо комиссиясы** | Лопатин Антон Игоревич | Россия Федерациясы | Россия Федерациясынын Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөсү |
| 7. | 007. | **Украинанын Борбордук шайлоо комиссиясы** | Постивый Сергей Александрович | Украина | Украинанын Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөсү |
| 8. | 008. | Украинанын БШКсы | Шараг Екатерина Дмитриевна | Украина | Украинанын БШК катчылыгынын жетекчиси |
| 9. | 009. | **Беларусь Республикасынын Шайлоо жана республикалык референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы** | Толкач Иван Анатольевич | Беларусь Республикасы | Беларусь Республикасынын БШКнын укуктук, аналитикалык жана усулдук иштер бөлүмүнүн башчысынын орун басары |
| 10. | 010. | Беларусь Республикасынын БШКсы | Урбанович Алеся Валерьевна | Беларусь Республикасы | Беларусь Республикасынын БШКнын укуктук, аналитикалык жана усулдук иштер бөлүмүнүн башкы адиси |
| 11. | 011. | **Түрк Республикасынын Жогорку Шайлоо Кеңеши** | Махмут Акгюн | Түрк Республикасы | Түркия Республикасынын Жогорку шайлоо кеңешинин мүчөсү |
| 12. | 012. | Түрк Республикасынын Жогорку Шайлоо Кеңеши | Баттал Огют | Турецкая Республика | Түркия Республикасынын Жогорку шайлоо кеңешинин мүчөсү |
| 13. | 013. | **Казакстан Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясы** | Имашев Берик Мажитович | Казакстан Республикасы | Казакстан Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасы |
| 14. | 014. | Казакстан Республикасынын БШКсы | Анапин Максатхан Анапияевич | Казакстан Республикасы | Казакстан Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасынын кеңешчиси |

*Кыргыз Республикасынын Шайлоо*
*жана референдум өткөрүү*
*боюнча борбордук комиссиясынын*
*2021-жылдын 26 мартындагы*
*№92 токтомунун*
*2-тиркемеси*

### Аккредитацияланган эл аралык байкоочулардын тизмеси

| № к/м | күб. № | Байкоочу көрсөтүлгөн эл аралык уюм | Ф. А. А. | Өлкө | Кызмат орду |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. | 100. | КМШ парламенттер аралык ассамблеясы (КМШ ПАА) | Кобицкий Дмитрий Аркадьевич | Россия Федерациясы | КМШ ПАА Кеңешинин Башкы катчысы - КМШ ПАА Кеңешинин Катчылыгынын жетекчиси |
| 2. | 101. | КМШ ПАА | Мушкет Иван Ильич | Россия Федерациясы | КМШ ПАА Кеңешинин катчылыгынын жетекчисинин орун басары - КМШ катышкан мамлекеттеринин ПАА демократиясынын, парламентаризмдин жана шайлоо укуктарынын сакталышына байкоо жүргүзүү Эл аралык институтунун директору (КМШ ПАА ДӨБЭИ) |
| 3. | 102. | КМШ ПАА | Караваев Сергей Георгиевич | Россия Федерациясы | КМШ ПАА Кеңешинин Башкы катчысынын кеңешчиси |
| 4. | 103. | КМШ ПАА | Пашнов Павел Леонидович | Россия Федерациясы | КМШ ПАА Кеңешинин катчылыгынын маалымат жана басма бөлүмүнүн башчысы |
| 5. | 104. | КМШ ПАА | Еременко Елена Викторовна | Россия Федерациясы | КМШ ПАА ДӨБЭИ директорунун орун басары |
| 6. | 105. | КМШ ПАА | Боровко Игорь Родионович | Беларусь Республикасы | КМШ ПАА Кеңешинин КМШнын Аткаруу Комитетинин катчылыгынын өкүлү |
| 7. | 106. | КМШ ПАА | Мурадов Теймур Джавад оглу | Азербайжан Республикасы | КМШ ПАА ДӨБЭИ Баку филиалынын директорунун милдетин аткаруучу |

*(Уландысы 14-бетте)*



Билимдүүнүн бешенеси жарык



Софья АПАЕВА:

# “КЫРГЫЗ ЖЕРИ – МАГА КҮЧ-КУБАТ БЕРГЕН ЫЙЫК МЕКЕНИМ”

***Адамдын жашоосу, жүрүм-туруму, акыл дарамети анын ким экендигинин күзгүсү. Анан калса, бу жарык дүйнөдө мындай жаша, андай туура эмес иштерге барба деген атайын рецепт да, мыйзам да жок. Ар бир адам жараткан пешенесине жазган өмүр доорун сүрүп, ички туюму, туткан ыйманына ылайык жашоо кечирет. Эң негизгиси, ар бир адам бул жашоого жөн гана конок катары келбестен адал эмгеги, бийик адамгерчилиги менен улуу-кичүүнүн жүрөгүнө жол таап, бирге эмгек өтөгөн жамаатынын сый-урматына ээгедер болуп, ошол улуулардан алган таалим-тарбиясы, билим нуру келечек ээлеринин аң-сезиминде бекем сакталып калышында. Жогорудагыдай жүрөктөн чыккан жылуу кептин ээси – Ж. Баласагын атындагы КУУнун Борбордук Азиядагы 1000ге жакын студенттер кытай тилин үйрөнгөн, эң ири кыргыз-кытай факультетинин деканы, филология илиминин кандидаты Апаева Софья Хусейновна.***

**- Софья Хусейновна, түпкү тегиңиз, мекен жайыңыз жөнүндө айтып берсеңиз?**

- Атам Хусейн Орусия Федерациясынын Карачай-Черкесиясынын Хурзук айылындагы белгилүү, байыркы князь Апаевдердин тукумунан. XX кылымдын 40-жылдарынын ортосунда чоң атабыз Хасанбий, чоң энем Зухра көптөгөн айылдаштары, жакын туугандары менен Орто Азияга депортацияланат.

Ошол кездеги каардуу бийликтин күчү менен жүздөгөн жылдар бою мекендешкен ата-конуштарын, түптөгөн чарбаларын, оокат-мүлктөрүн таштап, көтөрүп жүрүүгө жеңил оокат-буюмдары, кийген кийим-кечелери менен вагондорго салынган миңдеген үй-бүлөлөр менен бирге буга чейин угуп, бирок эч көрбөгөн, аймакты карай келечектери гана эмес, эртеңки күндөрү бүдөмүк узак сапар жолго чыгышат. Чогуу келе жаткандардын бир тобу ачкачылыктан, сууктан, оорудан өмүр менен кош айтышат.

Мындай оор тагдырга туш болгон карачайлыктарды казактар, кыргыздар көп жылдардан бери көрүшпөй, сагынышкан бир туугандарындай кучак жая тосушуп, бири өздөрү жашаган үйлөрүндөгү жылуу, ыңгайлуу бөлмөлөрүн, экинчилери жашоого өтө зарыл керектүү үй оокаттарын, болгон тамак-аш, кийим-кечелерин бөлүшө жылуу кабыл алышат. Мекен журтун таштап, азып-тозуп келишкен миңдеген карачайлыктардын өчүп бара жаткан өмүр отун жандырган ошол оор күндөрдү өтө бир ыраазычылык менен карегинен сызылып чыккан көз жашын сүртө эскерген чоң атам Хасанбий 60-жылдары Н.Хрущёвдун бийликке келиши менен мамлекеттин саясаты өзгөрүп, каардуу бийликтин күчү менен депортацияланган көптөгөн кавказдыктарга өздөрүнүн ата-бабалары мекендеген мекен-жайларына кайтууга уруксат берилгенде кайтпоону чечет. Ичээрге тамагыбыз, баш калкалоого үй-жайыбыз жок азып-тозуп келгенде бир туугандай тосуп алышкан Кант районундагы Роза Люксембург (азыркы Дмитриев) айылындагы ошол оор күндөрүмдү жеңилдеткен, берекеси төгүлгөн кең Чүй өмүр оттору бүлбүлдөп турган миңдеген карачайларды аман сактап гана калбастан, биздин кылым карыткан каада-салттарыбызды бекем сактообузга өбөлгө түзүшкөн кыргыз бир туугандарын таштап кайра кетпестигин өмүрү өткүчө айтып жүрдү. Ал эми кетүүгө камынган бир туугандарына, барганда кыйналышпасын деп, адеп чарбадагы майда-барат иште иштеп, кийинчерээк коңшуларынын кеңеши менен чабандык кесипти аркалап жүргөндө сыйлык катары берилген 5 койдон башталып, 300 койго жеткен койлорунун 10ун гана өзүнүн кийинки оокат-тирлигине калтырып, калганын сатып, бир аз топтогон үй-оокаттарынын да жакшысын, көбүрөөгүн бир туугандарына берип узатат. 107 жашка чыгып өмүр менен кош айтышкан, 40-жылдарга чейин эле ошол кездеги карачай элинен алгачкылардан болуп Ленинграддагы жогорку партиялык мектепти бүтүргөн чоң энем Зухра Боташеваны депортациялагандардын өздүк документтерин кылдат текшерүүдөн өткөрүшкөн тиешелүү мекеме жетекчилер ошо кездеги Жамбыл облусунун комендант башчылыгына дайындашканын атамдын өтө бир сыймыктануу менен мага айтып берген узак-сабак кеби али да жүрөгүмдүн түпкүрүндө бекем сакталып келет.





**- Кавказдыктар да биздей ата-энеге өзгөчө аяр, сый-урмат менен мамиле жасашат эмеспи. Бир аз ата-энеңиз, окуучулук, студенттик күндөрүңүздү да эскере кетсеңиз?**

- Ооба, мен үчүн ата-энем аскар тоом, сыймыгым катары жүрөгүмдө жашай берет. Менин апам... бул дүйнөдөгү адам үчүн ыйык, эң бийик, эң жакын адамым. Апам Каракетова Казиба Мудалифовна дээрлик жарым кылымга тете өмүрүн мугалимдик кесипке арнап келет. Апамды ойлогон сайын негедир жүрөгүм “тыз” этет. Себеби, апам күн сайын түндүн бир оокумуна чейин мен көрбөгөн, окубаган китептерге үңүлүп, кээде калем сабын алып, керектүүлөрүн дептерине шурудай тизип жазып алчу. А мектепке бараарда ар дайым таза, жарашыктуу кийинип, жол бою улуу-кичүү менен сылык-сыпаа учурашкан апама жүздөгөн окуучулары, кесиптештери сый-урмат көрсөтүшкөнү жан дүйнөмө бүлүк салып, жадыма бекем сакталып калгандыктанбы, мен да апамдай мугалим болсом деп кыялданчумун.

Убакыт куштай учуп, айылыбыздагы орто мектепти артыкчылык аттестаты менен аяктап, бактылуу балалыгым, жалбырттаган романтикалуу жаштыгымды камтыган мектебим, мектеп жүрөгү болгон агай-эжейлерим менен кош айтышып, чоңойгон сайын мени өтө кызыктырган ой-кыялымды орундатууну, болгондо да кытай тили боюнча адис болууну чечип, бардык сыноолордон ийгиликтүү өтүп, лингвистика жана маданияттар аралык байланыш (ал кезде КУУда кыргыз-кытай факультети жок эле) борборунун студенти болдум. Бул тандоомо мен эч өкүнбөйм, учурда бул борборду эң мыкты аяктаган 3 бүтүрүүчүсүнүн бири мен.

Белгилеп кетүүчү жагдай, биз окуган алгачкы жылдарга салыштырмалуу, биз аяктаарда кытай тилинин популярдуулугу алда канча өсүп, абитуриенттердин саны 98ге жеткен. А бүгүнкү күндө бул сандык көрсөткүч он эсеге өстү.

Университетти аяктаар алдында аталган борбордун жетекчиси Ирина Сапожникованын сунушу менен окуу жайда калып, кытай тили боюнча мугалим-стажёр катары эмгек жолумду баштагам. Убакыт өткөн сайын өлкөдө кытай тилинин популярдуулугу өскөндүктөн 2009-жылы Ж.Баласагын атындагы КУУда кыргыз-кытай институту ачылды. Ошол кездеги аталган институттун директору, профессор Болот Токтобаев мени “Кытай тилинин котормосунун теориясы жана практикасы” кафедрасынын башчылыгына сунуштаганда, агайдан “Мен сиздин чоң ишенимүмүтүңүздү актай алаар бекенмин” - десем, агай “албетте” – деп менин эмгек жолумдагы кызматтык алгачкы тепкичиме бекем кадам таштоомо ак батасын берди. Анда мен 24 гана жашта элем.

Кийинчерээк илим жолуна түшүүнү каалаганымды билдиргенде КРнын Улуттук илимдер академиясынын мүчө-корреспонденти, филология илимдеринин доктору, профессор, дунган таануу жана синология борборунун башчысы Имаза Мухарме Хусезович көңүлүмдү сындырбай ак жол каалады. Ошентип, көрүнүктүү окумуштуу агайымдын көзөмөлү менен 30 жашымда “Орус жана кытай тилдериндеги грамматикалык (синтаксистик) мамилелерди туюнтуу каражаттары” деген темада кандидаттык диссертациямды коргодум.

Жакшынын шарапаты жылоолойт, жарыгы тиет деген чын белем, окуган окуу жайым мага билимдин да, тарбиянын да, адам, жетекчи катары калыптануунун да алтын уясы болду десем аша чапкандык болбос. Буга, кандидаттык диссертациямды ийгиликтүү коргогондон кийин ошол кездеги Кыргыз-кытай (ККФнын) факультетинин деканы, профессор Б.Байсабаевдин сунушу менен факультеттин деканынын орун басары катары алгачкы тушоом кесилгенин, ал эми кийинчерээк эмгек жамаатыбыз мени декандыкка сунуштоосунда профессордук-окутуучулук курамдын 100% добушуна ээ болушума анын эмгеги зор экендигин өтө бир ыраазычылык менен белгилеп кетким келет.

**- Өлкөдө кытай тилинин популярдуулугу өсүп, кыргыз-кытай факультети КУУнун эң ири бөлүмдөрүнүн бирине айланды. Учурда факультеттин артыкчылыктуу багыты кандай?**

- Көз тийбесин сыймыктана тургандарыбыз бар. Учурда факультетте 1000ден ашуун студент билим алууда, 68ден ашуун окутуучу иштейт, алардын көпчүлүгү кытай тили мугалимдери. Алардын баары Кытайдан стажировкадан өтүшкөн. Эң кубанычтуусу ККФ окутуучуларды жана студенттерди Кытайга докторантура жана магистратурага окууга жиберүүдө. Биз бүтүрүүчүлөрүбүз менен да сыймыктанабыз. Мисалы, биздин бүтүрүүчүбүз Евгений Морозов Орусия Федерациясынын Тышкы иштер министрлигинде, ал эми Арли Абдул Кытайда «Адидас» компаниясында котормочу болуп иштейт. Өткөн окуу жылында эле окуу жайыбызды 6 студентибиз артыкчылык диплому менен аяктагандыгы биздин факультетте артыкчылык менен бүтүргөндөрдүн саны да жыл сайын өсүп баратканын көрсөтөт. Бул ККФ профессорлор менен докторлорду, доценттерди, илимдин кандидаттарын камтыган алдыңкы ата мекендик жана чет өлкөлүк окутуучулардын катышуусу менен Болон конвенциясына ылайык адистиктери боюнча, бакалаврларды жана магистрлерди даярдоодо профессионалдык билим берүүнүн заманбап талаптарына ылайык ишке ашыргандыктарынын натыйжасы десек болот.

Учурда биздин факультет Кытайдын 100 университети менен тыгыз кызматташат. Ал эми Үрүмчү, Гуйлинь, Гуанчжоу, Аньшань Сямэнь, Пекин, Шанхай, Сиань жана башка шаарларында жайгашкан КЭРдин алдыңкы университеттеринде стажировкада жүрүшкөн студенттердин тил үйрөнүүдөн өтүүгө толук мүмкүнчүлүктөрү бар. Ошондой эле, факультеттин мыкты бүтүрүүчүлөрү гранттык негизде өткөн конкурстук тандоонун жыйынтыгы боюнча магистратураны КЭРдин жогоруда аталган университеттеринде да уланта алышат.

Биз, Кытайдагы жана биздин мамлекеттеги университеттерде бир эле мезгилде окууга мүмкүнчүлүк берген программаны түзгөн республикадагы жападан-жалгыз факультетпиз. Биз аз убакыттын ичинде кытай тилин окутууда Кытайдагыдай деңгээлде экендигибизди тастыктай алгандыктан эки мамлекетте тең бирдей кабыл алынат. Андыктан биздин студенттер өздөрүнүн билимин өлкөбүздө жана Кытайда ийгиликтүү ишке ашырып келишет. Ал эми Кытайда жарыяланган «Бир алкак жана бир жол» демилгеси ККФнын студенттерине жана окутуучуларына кытай тилин билүүгө жана билим деңгээлин көтөрүүгө, кытай элинин каада-салтын, тарыхын жана маданиятын жакындан билүүгө мүмкүнчүлүк берет.

**- Кытай тилин жакшы өздөштүрүү, жогорку деңгээлде билүү үчүн кандай программалар бар?**

- Бардык тилдерде аны билүү деңгээлин тастыктаган экзамендер бар, кытай тилинде, бул HSK. HSK сертификатын алуу боюнча биздин факультеттин Конфуций институту менен кытай тилин үйрөнүү жана билимин өркүндөтүү жаатында тыгыз кызматташтыгы бар. Акыркы жылдары Кыргызстанда кытай тилин билүү деңгээли жогорулагандыгын Кытайдан келген адистер айтып жатышат. Көз тийбесин биздин студенттер HSK 5-деңгээлин магистратурага, докторантурага өтүү үчүн 6-деңгээлге кыйналбастан тапшырып жатышат. Албетте, рынок атаандаштыктын эрежелерин белгилейт, ага жараша кытай тилин окутуу методикасына болгон талаптар да өсүүдө. Биз белгиленген бардык талаптарды канааттандырып, жогорку деңгээлде болууга аракет кылабыз. Билим берүү процессине чыгармачыл мамиле жасоо, Кытайдан билим алуу мүмкүнчүлүгү (курстар / бакалавр/ магистратура), Кытайдын алдыңкы компанияларында котормо практикасынан өтүү, кийин жумушка орношуу, ар бир студентке жекече мамиле жасоо, илимий ишке олуттуу көңүл буруу жана студенттерди жатакана менен камсыздоо бизде жана коңшу өлкөлөрдө ККФнын

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити Эркин-Тоо




кадыр-баркын жогорулатууга мүмкүнчүлүк берет. Мындан тышкары, биздин факультеттин студенттери кытай тили менен катар экинчи чет тилин да өздөштүрүшөт.

Окуудан тышкары, ККФ илимий-изилдөө чөйрөсүндө да активдүү иштерди жүргүзөт. Кыргыз-кытай факультети – илимий конференцияларды, симпозиумдарды, тегерек столдорду өткөрүүнүн демилгечиси жана Кытайдан атайын лекцияларды өткөрүү үчүн адистерди чакыртып турат.

Ж.Баласагын атындагы КУУ Борбор Азиядагы эң ири университеттердин бири, бүгүнкү күндө ал билим берүү аркылуу Кытай менен Кыргызстандын ортосундагы достуктун жана жемиштүү байланыштын көпүрөсүнө айланды. Кытай Эл Республикасы менен Кыргыз Республикасынын ортосунда дипломатиялык мамилелерди орнотуунун алкагында КУУда КЭРдин Кыргыз Республикасындагы Элчисинин катышуусунда эң ири иш-чара уюштурулган.

Ошондой эле ККФ жеке демилгеси менен «Кыргызстандын мыкты синологдору» сынагын өткөрөт, анын максаты кытай тили жана маданиятын билүү деңгээлин жогорулатуу. Мындай иш-чаралар билим берүү жаатында кыргыз-кытай мамилелерин өнүктүрүү үчүн натыйжалуу аянтчаны түзүүгө мүмкүндүк берет.



**- Дүйнө бүгүн пандемияга байланыштуу оор мезгилди башынан өткөрүп жатат. Сиздин факультет кандай иш-чараларды жүргүзөт?**

- Ооба, биз азыр оор мезгилди баштан өткөрүп жатабыз, бирок бул кыйынчылыктарга карабастан, ККФ Кытайдагы өнөктөш университеттер менен кызматташууну улантып келет. Быйыл январь айынан бери биз Далянь чет тилдер университети жана Хэнань университети (КНР) менен онлайн режиминде билим ала баштадык. Хэнань университетинде билим берүү Ж.Баласагын атындагы КУУ менен Хэнань университетинин ортосундагы эки университеттин Жибек Жолу институтун түзүү жөнүндөгү келишиминин алкагында ишке ашууда. Окутуу убактысы: бир жыл, алты ай, эки ай, үч жуманы түзөт. Жалпысынан 221 студент жогоруда аталган ЖОЖдордо билим алышууда. Алардын 48и стипендия алышат. Ошондой эле, өз квалификациясын жогорулатуу максатында ККФ окутуучулары студенттер менен бирге КЭРдин ЖОЖдорунда да окушат.

Ал эми биздин бүтүрүүчүлөрүбүздү жумушка орноштуруу үчүн «Алтынкен» ЖЧКсы менен Ж.Баласагын атындагы КУУнун ортосунда өз ара кызматташуу боюнча келишим түзүлгөн. Ал документтерге «Алтынкен» ЖЧКсынын башкы директору Чжан Хуахуй мырза жана КУУнун ректору Канат Садыков кол койгон.

Эл аралык кызматташууда стабилдүүлүктүн ролу өтө чоң. Мындай көптөгөн өтө маанилүү келишимдер университеттин өзүндө туруктуулук бекем мезгилде түзүлгөн, андыктан биздин өнөктөштөр жакынкы арада бул долбоорлорду ийгиликтүү жүзөгө ашырышаарына үмүтүбүз чоң.

Жыл сайын КУУ эки миңден ашуун адистерди даярдайт. Ар бир бүтүрүүчү КУУнун атаандашууга жөндөмдүү дипломун алып, эл аралык мамилелерди, билим берүү, экономика, социалдык жана маданий тармактарды өнүктүрүүгө салым кошот.



Өлкөдөгү алдыңкы ири университет катары КУУнун аброю мындан ары да өсө берээрине ишенем. Бул жерден «Нефрит ташы иштетүүгө чейин пайдасыз, а адам үйрөтмөйүнчө эч нерсеге жарамсыз», “билим - адамды жемиштүү адамга айландырат” деген кытай элинин накыл кебин эскере кетүүм орундуу болоор.

Мен үчүн Кыргыз Республикасы, Ж.Баласагын атындагы КУУ – татыктуу инсандыкка, кесипкөйлүккө, адам деген бийик касиетти баалоого тарбиялаган өлкөнүн жараны катары өлкө ичинде, чет өлкөлөрдө илим жаатында өлкөмдү татыктуу көрсөтүүгө күч-кубат берген ыйык мекен жерим.

**Бактыбек ИМАМАДИЕВ**



*(Башталышы 11-бетте)*

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 8. | 107. | КМШ ПАА | Гнездилова Ольга Валентиновна | Россия Федерациясы | КМШ ПАА Кеңешинин Катчылыгынын басма сөз кызматынын жетекчиси |
| 9. | 108. | КМШ ПАА | Амбурцев Роман Альбертович | Россия Федерациясы | КМШ ПАА ДӨБЭИ Аналитикалык бөлүмдүн башчысы |
| 10. | 109. | КМШ ПАА | Анисимова Юлия Владимировна | Россия Федерациясы | КМШ ПАА ДӨБЭИ шайлоого байкоо жүргүзүү бөлүмүнүн башчысы |
| 11. | 110. | КМШ ПАА | Ксендзов Александр Николаевич | Россия Федерациясы | КМШ ПАА ДӨБЭИ филиалдар менен иштөө бөлүмүнүн башчысы |
| 12. | 111. | КМШ ПАА | Гаврилкина Светлана Андреевна | Россия Федерациясы | КМШ ПАА ДӨБЭИ аналитикалык бөлүмдүн кеңешчиси |
| 13. | 112. | КМШ ПАА | Жеребкова Елена Владимировна | Россия Федерациясы | КМШ ПАА Кеңешинин катчылыгынын басма сөз кызматынын кеңешчиси |
| 14. | 113. | КМШ ПАА | Лячина Ирина Юрьевна | Россия Федерациясы | КМШ ПАА ДӨБЭИ аналитикалык бөлүмдүн кеңешчиси |
| 15. | 114. | КМШ ПАА | Миронов Игорь Андреевич | Россия Федерациясы | КМШ ПАА Кеңешинин катчылыгынын парламенттик кызматташтык бөлүмүнүн делегациялар менен иштөө бөлүмүнүн кеңешчиси, Кыргыз Республикасынын делегациясы менен иштөөгө жооптуу |
| 16. | 115. | КМШ ПАА | Раскин Илья Владимирович | Россия Федерациясы | КМШ ПАА ДӨБЭИ филиалдар менен иштөө бөлүмүнүн кеңешчиси |
| 17. | 116. | КМШ ПАА | Симакова Виктория Витальевна | Россия Федерациясы | КМШ ПАА ДӨБЭИ шайлоого байкоо жүргүзүү бөлүмүнүн кеңешчиси |
| 18. | 117. | КМШ ПАА | Федоров Анатолий Васильевич | Россия Федерациясы | КМШ ПАА ДӨБЭИ филиалдар менен иштөө бөлүмүнүн кеңешчиси |
| 19. | 118. | КМШ ПАА | Шульгина Татьяна Олеговна | Россия Федерациясы | КМШ ПАА ДӨБЭИ шайлоого мониторинг жүргүзүү бөлүмүнүн кеңешчиси |
| 20. | 119. | КМШ ПАА | Андреев Максим Владимирович | Россия Федерациясы | КМШ ПАА ДӨБЭИ аналитикалык бөлүмдүн консультанты |
| 21. | 120. | КМШ ПАА | Ашкинадзе Георгий Дмитриевич | Россия Федерациясы | КМШ ПАА ДӨБЭИ аналитикалык бөлүмдүн консультанты |
| 22. | 121. | КМШ ПАА | Виноградова Екатерина Викторовна | Россия Федерациясы | КМШ ПАА ДӨБЭИ шайлоого байкоо жүргүзүү бөлүмүнүн консультанты |
| 23. | 122. | КМШ ПАА | Подторжнова Кристина Владимировна | Россия Федерациясы | КМШ ПАА ДӨБЭИ филиалдар менен иштөө бөлүмүнүн консультанты |
| 24. | 123. | КМШ ПАА | Чернавская Елена Васильевна | Россия Федерациясы | КМШ ПАА Кеңешинин катчылыгынын басма сөз кызматынын адиси-эксперти |
| 25. | 124. | КМШ ПАА | Барышников Дмитрий Николаевич | Россия Федерациясы | КМШ ПАА ДӨБЭИ эксперти |
| 26. | 125. | КМШ ПАА | Бояшов Анатолий Сергеевич | Россия Федерациясы | КМШ ПАА ДӨБЭИ эксперти |
| 27. | 126. | КМШ ПАА | Брыксенков Андрей Александрович | Россия Федерациясы | КМШ ПАА ДӨБЭИ эксперти |
| 28. | 127. | КМШ ПАА | Диноршоев Азиз Мусоевич | Тажикстан Республикасы | КМШ ПАА ДӨБЭИ эксперти |
| 29. | 128. | КМШ ПАА | Идрисов Наиль Талгатович | Россия Федерациясы | КМШ ПАА ДӨБЭИ эксперти |
| 30. | 129. | КМШ ПАА | Молдабаев Саркытбек Сарсембаевич | Казакстан Республикасы | КМШ ПАА ДӨБЭИ эксперти |
| 31. | 130. | КМШ ПАА | Поляков Сергей Альбертович | Россия Федерациясы | КМШ ПАА ДӨБЭИ эксперти |
| 32. | 131. | КМШ ПАА | Ромашов Роман Анатольевич | Россия Федерациясы | КМШ ПАА ДӨБЭИ эксперти |
| 33. | 132 | КМШ ПАА | Ткаченко Станислав Леонидович | Россия Федерациясы | КМШ ПАА ДӨБЭИ эксперти |

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНАН КАРА МЕТАЛЛДЫН СЫНЫКТАРЫН ЖАНА КАЛДЫКТАРЫН ЕВРАЗИЯ ЭКОНОМИКАЛЫК БИРЛИГИНИН БАЖЫ АЙМАГЫНАН СЫРТКА ТАШЫП ЧЫГАРУУГА (ЭКСПОРТТООГО) УБАКТЫЛУУ ТЫЮУ САЛУУ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН

## ТОКТОМУ

2014-жылдын 29-майындагы Евразия экономикалык биргиги жөнүндө келишимдин 47-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынан кара металлдын сыныктарын жана калдыктарын, кара металлдардын куймасын (ЕАЭБ ТЭИ ТН 7204 коду менен классификацияланган) эритүү үчүн Евразия экономикалык биргигинин бажы аймагынан сыртка ташып чыгарууга (экспорттоого) ушул токтом күчүнө кирген күндөн тартып үч күн өткөндөн кийин алты айлык мөөнөткө киргизилүүчү убактылуу тыюу салынсын.

**2.** Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлиги Дүйнөлүк соода уюмунун Коргоо чаралары боюнча комитетине жана Евразия экономикалык комиссиясына ушул токтомдун 1-пунктуна ылайык убактылуу тыюу салынгандыгы жөнүндө ушул токтом күчүнө кирген күндөн тартып үч күндөн кечиктирбестен белгиленген тартипте кабарласын.

**3.** Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги Көз карандысыз Мамлекеттердин Шериктештигинин Аткаруу комитетине ушул токтомдун 1-пунктуна ылайык убактылуу тыюу салынгандыгы жөнүндө ушул токтом күчүнө кирген күндөн тартып үч күндөн кечиктирбестен белгиленген тартипте кабарласын.

**4.** Кыргыз Республикасынын Экономика жана финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик бажы кызматы, Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Чек ара кызматы ушул токтомдун 1-пунктунда аталган товарларды мыйзамсыз ташып чыгарууга бөгөт коюуга багытталган зарыл чараларды көрүшсүн.

**5.** Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын экономика жана инвестициялар бөлүмүнө жүктөлсүн.

**6.** Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Премьер-министр** **У.МАРИПОВ**

***Бишкек шаары, 2021 -жылдын 23-марты, №109***


## "Ай-Пери" Бизнес-Борбору ААК

***2021-жылдын 22-апрелинде саат 11.00дө Бишкек ш., Чүй проспектиси, 158 дарегинде акционерлердин жылдык жалпы чогулушу өткөрүлө тургандыгын маалымдайт.***

**КҮН ТАРТИБИ:**

1. Эсептөө комиссиясынын курамын бекитүү жөнүндө.
2. Аткаруучу органдын 2020-жыл үчүн отчётун бекитүү.
3. 2020-жылдын жылдык балансын, кирешелер жана чыгашалар жөнүндөгү отчётун бекитүү.
4. Текшерүүчүнүн корутундусун жана көз карандысыз аудитордун корутундусун бекитүү.
5. 2021-жылга Директорлор кеңешинин мүчөлөрүнө берилүүчү сыйакылардын өлчөмдөрүн бекитүү.
6. Коомдун Текшерүүчүсүн шайлоо.
7. 2021-жылга аудитордук уюмду жана аудитордун кызмат акысынын өлчөмүн бекитүү жөнүндө.
8. 2021-жылга коомдун бюджетин бекитүү.
9. Россия-Кыргыз өнүгүү фондундагы "Манас-Хэндлинг" ЖЧКнын инвестициялык кредитинин жана Бишкек ш., Чүй проспектиси, 158 дареги боюнча "Ай-Пери" Бизнес-Борбору ААКнын имаратын күрөөгө коюу келишиминин мөөнөтүн узартуу жөнүндө.

Акционерлерди каттоо: **саат 10.00дөн 11.00гө чейин.** Чогулушка катышууга укугу бар акционерлердин тизмесин түзүү күнү: **2021-жылдын 1-апрели.**

**Сурап-билүү телефону: 61-00-59.**

Чогулуштун материалдары менен акционердик коомдон таанышууга болот.

Акционерлер паспорту, а акционерлердин жана юридикалык жактардын өкүлдөрү – таризделген ишеним кат жана паспорт менен келиши керек.

## ОАО Бизнес-Центр «Ай-Пери»

***извещает, что 22 апреля 2021 года в 11.00 часов по адресу: г. Бишкек, проспект Чуй, 158 состоится годовое общее собрание акционеров.***

**ПОВЕСТКА ДНЯ:**

1. Утверждение состава счётной комиссии.
2. Утверждение отчета исполнительного органа за 2020 г.
3. Утверждение годового баланса, отчета о прибылях и убытках за 2020 г.
4. Утверждение заключения Ревизора и заключения независимого аудитора.
5. Утверждение размера вознаграждения членам Совета директоров на 2021 год.
6. Избрание Ревизора Общества.
7. Об утверждении аудиторской организации на 2021 год и размер оплаты услуг аудитора.
8. Утверждение бюджета Общества на 2021 год.
9. О пролонгации инвестиционного кредита ОсОО «Манас-Хэндлинг» в Российско-Кыргызском Фонде Развития и договора залога здания ОАО Бизнес-Центр «Ай-Пери» по адресу: г. Бишкек, пр-т Чуй, 158.

Регистрация акционеров: **с 10.00 до 11.00 часов.** Дата составления списка акционеров, имеющих право на участие в собрании: **1 апреля 2021 года.**

**Телефоны для справок: 61-00-59.**

С материалами собрания, можно ознакомиться в акционерном обществе. Акционерам необходимо иметь при себе паспорт, а представителям акционеров и юридических лиц – оформленную доверенность и паспорт.

## КЫЙМЫЛСЫЗ МҮЛК ОБЪЕКТТЕРИН ДОЛБООРЛООГО СЕЙСМИКАЛЫК КООПСУЗДУКТУ КАМСЫЗДОО БОЮНЧА АТАЙЫН ТЕХНИКАЛЫК ШАРТТАР ЖӨНҮНДӨ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНӨ КАРАШТУУ АРХИТЕКТУРА, КУРУЛУШ ЖАНА ТУРАК ЖАЙ-КОММУНАЛДЫК ЧАРБА МАМЛЕКЕТТИК АГЕНТТИГИНИН

### БУЙРУГУ

Кыргыз Республикасынын "Шаар куруу жана архитектура жөнүндө" Мыйзамына ылайык имараттардын жана курулмалардын коопсуздугун камсыздоо максатында, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 15-сентябрындагы №530 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарына өткөрүп берүү жөнүндө" токтомун жетекчиликке алып **буйрук кылам:**

**1**. Кыймылсыз мүлк объекттерин долбоорлоого сейсмикалык коопсуздукту камсыздоо боюнча атайын техникалык шарттар жөнүндө жобо, тиркемеге ылайык бекитилсин.

**2**. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин 2016-жылдын 2-февралындагы №79 "Кыймылсыз мүлк объектеринин долборлоого атайын техникалык шарттардын тартиби жана бекитилиши жөнүндө" жобону бекитүү жөнүндө" буйругу күчүн жоготту деп табылсын.

**3**. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба малекеттик агенттигине караштуу Жер титирөөгө туруктуу курулуш жана инженердик долбоорлоо мамлекеттик институтуна:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 26-февралындагы №117 "Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук акттарын расмий басып чыгаруунун булактары жөнүндө" токтомуна ылайык ушул буйруктун расмий жарыяланышы боюнча чаралар көрүлсүн;
- ушул буйрук расмий жарыялангандан кийин үч жумушчу күндүн ичинде буйруктун көчүрмөлөрү эки нускада, мамлекеттик жана расмий тилдерде, электрондук жана кагаз түрүндө, буйрукту жарыялаган басылманы көрсөтүп, ченемдик жана укуктук актардын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтүлсүн;
- ушул буйрук күчүнө киргенден кийин үч жумушчу күндүн ичинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратына маалымат үчүн жөнөтүлсүн.

**4.** Ушул буйрук расмий жарыяланган күндөн тартып 15 күндөн кийин күчүнө кирет.

**5**. Ушул буйруктун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба агенттигинин директорунун орун басары М.А. Акматалиевге жүктөлсүн.

**Директор** **У. КОКОЧАРОВ**

***Бишкек ш., 2021-жылдын 23-марты, №44-нпа***

## ПРИКАЗ

ГОСУДАРСТВЕННОГО АГЕНТСТВА АРХИТЕКТУРЫ, СТРОИТЕЛЬСТВА И ЖИЛИЩНО-КОММУНАЛЬНОГО ХОЗЯЙСТВА ПРИ ПРАВИТЕЛЬСТВЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

### ОБ УТВЕРЖДЕНИИ ПОЛОЖЕНИЯ О СПЕЦИАЛЬНЫХ ТЕХНИЧЕСКИХ УСЛОВИЯХ ПО ОБЕСПЕЧЕНИЮ СЕЙСМИЧЕСКОЙ БЕЗОПАСНОСТИ НА ПРОЕКТИРОВАНИЕ ОБЪЕКТОВ НЕДВИЖИМОСТИ

В целях обеспечения безопасности зданий и сооружений, в соответствии с Законом Кыргызской Республики «О градостроительстве и архитектуре Кыргызской Республики», руководствуясь постановлением Правительства Кыргызской Республики «О делегировании отдельных нормотворческих полномочий Правительства Кыргызской Республики государственным органам и исполнительным органам местного самоуправления» от 15 сентября 2014 года №530, **приказываю:**

**1**. Утвердить Положение о специальных технических условиях по обеспечению сейсмической безопасности на проектирование объектов недвижимости, согласно приложению.

**2**. Признать утратившим силу приказ Государственного агентства архитектуры, строительства и жилищно-коммунального хозяйства при Правительстве Кыргызской Республики «Об утверждении Положения о порядке и утверждения специальных технических условий на проектирование объектов недвижимости» от 2 февраля 2016 года №79.

**3**. Государственному институту сейсмостойкого строительства и инженерного проектирования при Государственном агентстве архитектуры, строительства и жилищно-коммунального хозяйства при Правительстве Кыргызской Республики:

- принять меры по официальному опубликованию настоящего приказа в соответствии с постановлением Правительства Кыргызской Республики «Об источниках официального опубликования нормативных правовых актов Кыргызской Республики» от 26 февраля 2010 года №117;
- в течение трех рабочих дней со дня официального опубликования направить копию настоящего приказа в двух экземплярах на государственном и официальном языках, на бумажном и электронном носителях, с указанием источника опубликования указанного приказа, в Министерство юстиции Кыргызской Республики для включения в Государственный реестр нормативных правовых актов Кыргызской Республики;
- в течение трех рабочих дней со дня вступления в силу настоящего приказа направить в Аппарат Правительства Кыргызской Республики для информации.

**4.** Настоящий приказ вступает в силу по истечении 15 дней со дня официального опубликования.

5. Контроль за исполнением настоящего приказа возложить на заместителя директора Государственного агентства архитектуры, строительства и жилищно-коммунального хозяйства при Правительстве Кыргызской Республики М.А. Акматалиева.

**Директор** **У. КОКОЧАРОВ**

***г.Бишкек, 23 марта 2021 года, №44-нпа***

С-345


## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы

КЫРГЫЗ БАНКЫ

**сервердик жабдуу үчүн дисктерден турган блокту/полканы сатып алуу боюнча ачык республикалык сынак өткөрөт.**

Сынак боюнча документтер **2021-жылдын 16-апрелинде саат 17.00гө чейин Бишкек ш. Т.Үмөталиев көчөсү, 101** дареги боюнча же **tender@nbkr.kg** электрондук почтасы аркылуу сынак документтерин кабыл алуу-өткөрүп берүү актысынын негизинде берилет.

Катышуучулар үчүн сынакка чейинки конференция **2021-жылдын 8-апрелинде саат 14.00дө Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101** дареги боюнча өткөрүлөт. Конференцияга катышуу маселеси боюнча суроолор менен техникалык координаторго кайрылуу зарыл.

Сынак боюнча сунуштар **2021-жылдын 21-апрелинде саат 15.00гө чейин Бишкек шаары, Чүй проспекти, 168** дареги боюнча кабыл алынат.

Белгиленген мөөнөттөн кечиктирилип берилген сунуштар кабыл алынбайт жана каралбайт.

Сынак боюнча сунуштар катышуучулардын өкүлдөрүнүн катышуусунда **2021-жылдын 21-апрелинде саат 15.00дө** каралат.

**Уюштуруу маселелери боюнча +996 (312) 66-91-52 телефону же tender@nbkr.kg электрондук почтасы аркылуу техникалык координаторго кайрылсаңыздар болот.**



## Совет директоров ОАО «Техсервис»

***уведомляет, что очередное годовое общее собрание акционеров, состоится 20 апреля 2021 года в 10.00 по адресу: Московский р-н., с.Ак-Суу, ул.Шолохова, 12, в административном здании.***

***День списка на право участия в собрании 26 марта 2021 года.***

***Акционерам при себе иметь паспорт.***

**ПОВЕСТКА ДНЯ:**

1. Утверждение состава счетной комиссии.
2. Утверждение годового отчета, бухгалтерского баланса, счета прибылей и убытков за 2020 год.
3. Утверждение годового бюджета на 2021 год.
4. Утверждение аудитора и размера оплаты услуг аудитора.

Н-490

**Справки по телефону: (03133) 3-53-31, (03131) 5-31-39**



## "Полибетон" ААК

***2021-жылдын 23-апрелинде саат 14.00дө Бишкек ш., Патрис Лумумба көч., 1а дарегинде акционерлердин жылдык жалпы жыйынын өткөрөт.***

**КҮН ТАРТИБИНДЕ:**

1. Эсептөө комиссиясын шайлоо.
2. Финансы-чарбалык ишмердик боюнча жылдык отчёттү, бухгалтердик балансты, кирешелер менен чыгашалардын эсебин бекитүү. Текшерүүчүнүн отчёту. 2020-жылдагы ишмердикти текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча тышкы аудитордун корутундусун бекитүү.
3. 2021-жылдын бюджетин бекитүү.
4. 2021-жылга аудитордук компанияны шайлоо жана ага сыйакы белгилөө.

Жыйынга катышууга укуктуу акционерлердин тизмесин түзүү күнү **2021-жылдын 12-апрели.**

Жыйынга тиешелүү материалдар менен "Полибетон" ААКдан таанышууга болот.

**Телефондор: 35-55-12, 35-55-14.**

## ОАО «Полибетон»

***23 апреля 2021 года в 14.00 проводит годовое общее собрание акционеров по адресу: г.Бишкек, ул.Патриса Лумумбы, 1а.***

**ПОВЕСТКА ДНЯ:**

1. Выборы счетной комиссии.
2. Утверждение годового отчета о финансово-хозяйственной деятельности, бухгалтерского баланса, счета прибылей и убытков. Отчет ревизора. Утверждение заключения внешнего аудитора по результатам проверки деятельности за 2020 год.
3. Утверждение годового бюджета на 2021 год.
4. Выборы Аудиторской компании на 2021 год и установление вознаграждения.

День списка акционеров, дающий право на участие в собрании **12 апреля 2021 года.**

С материалами собрания можно ознакомиться в ОАО «Полибетон».

**Телефоны: 35-55-12, 35-55-14.**

С-926



## "Бургулоо заводу" ААК

***2021-жылдын 21-апрелинде саат 10.00дө Бишкек ш., Чокан Валиханов көч., 2 дарегинде акционерлердин жылдык жалпы чогулушун өткөрөт.***

**Күн тартиби:**

1. Эсептөө комиссиясын шайлоо.
2. 2020-жыл үчүн финансылык-чарбалык иши жөнүндөгү Аткаруу органынын отчетун, жылдык балансты, пайдалар жана зыяндар жөнүндөгү отчетту бекитүү.
3. 2020-жыл үчүн Текшерүү комиссиясынын отчету жана 2020-жыл үчүн көз карандысыз аудитордун корутундусу.
4. Артыкчылыктуу акциялар боюнча дивиденддерди төлөө жөнүндө.
5. Директорлор кеңешин шайлоо.
6. 2021-жылга Текшерүү комиссиясынын курамын шайлоо.
7. 2021-жылга Коомдун аудиторун шайлоо.

Тизме түзүү күнү – **2021-жылдын 21-апрели.** Чогулушка карата материалдар менен акционердик коомдон таанышууга болот. Каттоо **саат 9.00дө** башталат.

Акционерлерде ким экендигин күбөлөндүргөн документи, ал эми акционерлердин жана юридикалык жактардын өкүлдөрүндө ишеним кат жана паспорту болууга тийиш.

## ОАО «Завод сверл»

***проводит годовое общее собрание акционеров, которое состоится 21 апреля 2021 года в 10.00 часов по адресу: г.Бишкек, ул.Чокана Валиханова, 2,***

**со следующей Повесткой дня:**

1. Избрание счетной комиссии.
2. Отчет Исполнительного органа о финансово-хозяйственной деятельности за 2020 год, утверждение годового баланса, отчет о прибылях и убытках.
3. Отчет Ревизионной комиссии за 2020 год и заключение независимого аудитора за 2020 год.
4. О выплате дивидендов по привилегированным акциям.
5. Избрание Совета директоров.
6. Выборы состава Ревизионной комиссии на 2021 год.
7. Избрание аудитора Общества на 2021 год.

День списка - **21 апреля 2021 года.** С материалами к собранию можно ознакомиться в акционерном обществе. Начало регистрации **в 9.00.**

Акционерам при себе иметь документ, удостоверяющий личность, представителям акционеров и юридических лиц - доверенность и паспорт.

## "Электр станциялары" ААК төмөндөгүлөрдү маалымдайт:

- акционерлердин жылдык жалпы чогулушу өтүүчү күн – **2021-жылдын 28-апрели;**
- өтүүчү жери – **Бишкек шаары, Жибек-Жолу проспектиси, 326 дарегинде жайгашкан "Кыргызстан УЭТ" ААКнын жыйындар залы;**
- каттоонун башталышы – **саат 8.00дө;**
- чогулуштун башталышы – **саат 9.00дө;**
- акционерлердин жылдык жалпы чогулушуна катышууга укугу бар акционерлердин тизмесин түзүү күнү – **2021-жылдын 30-марты.**

**КҮН ТАРТИБИ:**

1. Эсептөө комиссиясынын курамын бекитүү жөнүндө;
2. Коомдун 2020-жылдагы жылдык бюджетине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө;
3. Коомдун 2020-жылдагы каржылык-чарбалык ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктары тууралуу Башкы дирекциянын отчёту жөнүндө;
4. Коомдун көз карандысыз аудиторунун 2020-жыл үчүн корутундусу жөнүндө;
5. Коомдун Текшерүү комиссиясынын 2020-жыл үчүн корутундусу жөнүндө;
6. Коомдун 2020-жылдагы бюджетинин аткарылышы тууралуу Башкы дирекциянын отчёту жөнүндө;
7. Коомдун 2020-жылдагы жылдык балансы, кирешелеринин жана чыгашаларынын эсептери жөнүндө;
8. 2020-жыл үчүн коомдун Директорлор кеңешинин отчёту жөнүндө;
9. 2021-жылга коомдун жылдык бюджети жөнүндө;
10. Коомдун Текшерүү комиссиясынын мүчөлөрүнүн ыйгарым укуктарын токтотуу жөнүндө;
11. Коомдун Текшерүү комиссиясынын мүчөлөрүн шайлоо жөнүндө;
12. 2021-жылы Коомдун Текшерүү комиссиясына жумшалуучу чыгымдардын сметасы жөнүндө.

Чогулуштун материалдары менен **Бишкек ш., Ахунбаев көчөсү, 119, №123 бөлмө** дарегинде жайгашкан "Улуттук энергетикалык холдинг компаниясы" ААКдан таанышууга болот, **тел.: 98-88-22 (кош. 4445).**

**Эскертүү:** *Акционерлер паспорту, а акционерлердин жана юридикалык жактардын өкүлдөрү - таризделген ишеним кат жана паспорт менен келиши керек.*

## Настоящим ОАО «Электрические станции» сообщает:

- дата проведения Годового общего собрания акционеров – **29 апреля 2021 года;**
- место проведения – **актовый зал ОАО «НЭС Кыргызстана»,** расположенный по адресу: **город Бишкек, проспект Жибек-Жолу, 326;**
- время начала регистрации – **8.00 часов;**
- время начала Собрания – **9.00 часов;**
- дата составления списка акционеров, имеющих право на участие в Годовом общем собрании акционеров – **30 марта 2021 года.**

**ПОВЕСТКА ДНЯ:**

1. Об утверждении состава счетной комиссии;
2. О внесении изменений в годовой бюджет Общества на 2020 год;
3. Об отчете Генеральной дирекции об итогах финансово – хозяйственной деятельности Общества за 2020 год;
4. О заключении независимого аудитора Общества за 2020 год;
5. О заключении Ревизионной комиссии Общества за 2020 год;
6. Об отчете Генеральной дирекции об исполнении бюджета Общества за 2020 год;
7. О годовом балансе, счете прибылей и убытков Общества за 2020 год;
8. Об отчете Совета директоров Общества за 2020 год;
9. О годовом бюджете Общества на 2021 год.
10. О прекращении полномочий членов Ревизионной комиссии Общества;
11. Об избрании членов Ревизионной комиссии Общества;
12. О смете расходов на содержание Ревизионной комиссии Общества на 2021 год.

С материалами Собрания можно ознакомиться в ОАО «Национальная энергетическая холдинговая компания», расположенное по адресу: **г.Бишкек, ул. Ахунбаева, 119, кабинет №123, тел.: 98-88-22 (доб.4445).**

**Примечание:** *Акционерам необходимо иметь при себе паспорт, а представителям акционеров и юридических лиц – оформленную доверенность и паспорт.*

## "Кошой" ААК

***2021-жылдын 21-апрелинде саат 10.00дө Кыргыз Республикасы, Чүй областы, Сокулук району, Шопоков ш., Ленин к., 15 дарегиндеги кеңсенин имаратында акционерлердин жылдык жалпы жыйыны өткөрүлөөрүн маалымдайт. Каттоо саат 9.00дөн 10.00гө чейин.***

**ЖЫЙЫНДЫН КҮН ТАРТИБИНДЕ:**

1. Эсептөө комиссиясын шайлоо.
2. "2020-жылдагы финансы-чарбалык ишмердиктин жыйынтыктары жөнүндө" Коомдун башкы директорунун отчётун бекитүү.
3. Жылдык бухгалтердик балансты, 2020-жылдын жыйынтыгы боюнча кирешелер менен чыгашалардын отчётун бекитүү.
4. 2020-жыл боюнча Коомдун Текшерүүчүсүнүн отчётун бекитүү.
5. Коомдун 2020-жылдагы чыгашаларын жабуу тартибин бекитүү.
6. 2021-жылга Коомдун жылдык бюджетин бекитүү.
7. Коомдун тышкы аудиторун шайлоо жана ага сыйакы өлчөмүн белгилөө.
8. Ири соода-сатык кылуу жөнүндө.
9. Коомдун уставына өзгөртүүлөрдү киргизүү жана жаңы редакциядагы уставды бекитүү.
10. Коомдун Директорлор кеңешинин аракеттеги мүчөлөрүнүн укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу.
11. Коомдун Директорлор кеңешинин жаңы курамын шайлоо.
12. Социалдык-тиричилик объектилерин ижарага берүү маселесин карoo.

Жыйынга катышууга укуктуу акционерлердин тизмесин түзүү күнү **2021-жылдын 1-апрели.**

Жыйынга тиешелүү материалдар менен "Кошой" ААКдан Коомдун катчысынан жумуш убагында таанышууга болот.

**Сурап-билүү телефону: (03134) 5-81-21.**

## ОАО «Кошой»

***сообщает о проведении годового общего собрания акционеров, которое состоится 21 апреля 2021 года в 10.00 ч. по адресу: Кыргызская Республика, Чуйская область, Сокулукский район, г. Шопоков, ул. Ленина, 15, здание офиса. Начало регистрации: 9.00 ч. Окончание регистрации: 10.00 ч.***

**ПОВЕСТКА ДНЯ СОБРАНИЯ:**

1. Выборы состава счетной комиссии.
2. Утверждение отчета Генерального Директора Общества "О результатах финансово-хозяйственной деятельности за 2020 год».
3. Утверждение годового бухгалтерского баланса, отчета о прибылях и убытках по итогам работы за 2020 год.
4. Утверждение отчета Ревизора Общества за 2020 год.
5. Утверждение порядка покрытия убытков Общества за 2020 год.
6. Утверждение годового бюджета Общества на 2021 год.
7. Выборы внешнего аудитора общества и установление ему вознаграждения.
8. О совершении крупной сделки.
9. Внесение изменений в устав Общества и утверждение устава в новой редакции.
10. Досрочное прекращение полномочий действующего состава Совета директоров Общества.
11. Избрание нового состава Совета директоров Общества.
12. Рассмотрение вопросов по передаче объектов соцкультбыта.

Дата закрытия реестра для составления списка акционеров, имеющих право на участие в собрании 1 апреля 2021 года.

С материалами по собранию можно ознакомиться в ОАО «Кошой» у секретаря Общества в рабочее время.

**Телефон для справок: (03134) 5-81-21.**

## «СОҢ-КӨЛ» ААК

